**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТИРЛИГИ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН**

**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН АЙМАКТЫК КӨП ТАРМАКТУУ ИНСТИТУТУ**

**Окумуштуулар кеңешинин**
**чечиминин протоколу**
**№___ _______2026ж**

# 550700 «ПЕДАГОГИКА» БАГЫТЫ БОЮНЧА ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ОТЧЕТУ

**Комиссиянын төрайымы:**

1. Эсеналиева Гүлжамал Омуракуновна -педагогика факультетинин деканы.

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

2.Каттообек кызы Чынара - No8 Арстанбек Буйлаш уулу атындагы орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалими.
3. Басылбекова Сюита Сагынбековна-Нарын шаарындагы No 16 “Ыйман” бала бакчасынын методисти.
4. Шерматова Илмира Кубанычбековна- Педагогика, тарых жана окутуунун технологиясы кафедрасынын ага окутуучусу.
5. Бакытбек кызы Айбарчын-Педагогика, тарых жана окутуунун технологиясы кафедрасынын студенти.

«Буйрук » Комиссиянын курамы тууралуу 2026-жылдын 23-мартындагы №01-4/70 буйругу

**Нарын -2026**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ**

1. **СТАНДАРТ 1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ**
2. **СТАНДАРТ 2. ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ТААНУУ**
3. **СТАНДАРТ 3. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ЖАНА БИЛИМ АЛУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ АЛУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО**
4. **СТАНДАРТ 4. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ОКУУ-КӨМӨКЧҮ ПЕРСОНАЛ**
5. **СТАНДАРТ 5. МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАР**
6. **СТАНДАРТ 6. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК ЖАНА ИЗИЛДӨӨ ИШИ**

**КОРУТУНДУ**

## Белгилер жана кыскартуулар

**Ушул колдонмодо төмөнкү белгилер жана кыскартуулар колдонулат:**

**КР -** Кыргыз Республикасы;
**КР ББИМ -** Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги;
**ЖОЖ -** жогорку окуу жайы;
**ОЖ -** окуу жай;
**ТЭК -** тышкы эксперттик комиссия;
**МББС -** мамлекеттик билим берүү стандарты
**АРТКИ -** аккредитациялоонун, рейтингдин жана сертификациялоонун көз карандысыз институту;
**ИИИ** – илимий изилдөө иштери;
**НББП -** негизги билим берүү программасы;
**ББП -** билим берүү программасы;
**ББУ -** билим берүү уюму
**ECTS -** европалык кредиттик которуу жана топтоо тутуму;
**ESG** – жогорку билим берүүнүн Европа мейкиндигиндеги сапат кепилдиги үчүн кабыл алынган стандарттары жана сунуштамалары (European Standards and Guidelines);
**ПОК -** профессордук-окутуучулук курам;
**МКТ** – маалымат коммуникациялык технологиялар
**ОК** – окумуштуулар кеңеши
**ОКК** – окуу көмөкчү курамы
**ОУК** – окуу -усулдук кеңеш

## Киришүү

**С.Нааматов атындагы НМУ нун уставы менен окуу жайдын толук аталышы  С.Нааматов атындагы НМУ нун уставы**

мамлекеттик тилде (кыргызча) – Сатыбалды Наамтов атындагы Нарын мамлекеттик университети;
официалдык тилде (орусча) – Нарынский государственный университет имени Сатыбалды Нааматова;
Эл аралык ишкердик байланыш тилинде (англисче) Naryn state university named after Satybaldy Naamatov.

**Университеттин кыскартылган аталышы** С.Нааматов атындагы НМУ нун уставы

мамлекеттик тилде (кыргызча) –С.Нааматов атындагы НМУ;
официалдык тилде (орусча) – НГУ им.С.Нааматова;
Эл аралык ишкердик байланыш тилинде (англисче) - Satybaldy Naamatov NSU

**Окуу жайынын юридикалык жана почталык дареги, телефондору, факс, e-mail, веб-сайты:**

722900 Кыргызская Республика, город Нарын, улица Сагынбай Орозбак 25
телефон: +996 (03522) 5-08-14,
факс: +996 (03522) 5-08-14,
e-mail: nsu@ nsu.kg,
web-сайт: nsu.kg – кыргызча аталышы, nsu.kg – орусча аталышы

**Полное наименование учебного заведения в соответствии с утвержденным Уставом КНУ им.Ж.Баласагына:**

мамлекеттик тилде (кыргызча) – Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети;
официалдык тилде (орусча) – Кыргызский национальный университет имени Жусупа Баласагына;
Эл аралык ишкердик байланыш тилинде (англисче)–Jusup Balasagyn Kyrgyz National University.

**КНУ Ж. Баласагын атындагы университеттин кыскартылган аталышы:**

мамлекеттик тилде (кыргызча) – Ж. Баласагын атындагы КУУ;
официалдык тилде (орусча) – КНУ им. Ж. Баласагына;
Эл аралык ишкердик байланыш тилинде (англисче)- Jusup Balasagyn KNU.

**КНУ Ж. Баласагын атындагы университеттин юридикалык жана почта дареги, телефондору, факсы, электрондук почтасы (e-mail), веб-сайты:**

720033 Кыргызская Республика, город Бишкек, улица Фрунзе 547,
телефон: +996 (312) 32-33-94,
факс: +996 (312) 32-32-21,
e-mail: nrectorat@knu.kg,
web-сайт: https://www.knu.kg/ky/ - кыргызча аталышы, https://www.knu.kg/ky/ru/ - орусча аталышы.

**Окуу жайынын түзүлгөндүгү жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996- жылдын 22-майындагы № 172 “Нарын мамлекеттик университети жөнүндө” УП жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 22-майындагы жарлыгын ишке ашырууга байланыштуу чаралар жөнүндө” токтомун негизинде түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 11-сентябрындагы № 256 “Кыргыз Республикасында билим берүү тармагындагы айрым маселелер жөнүндө” Жарлыгы менен «Баткен мамлекеттик университети» Кыргыз Республикасынын Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университетине бириктирилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-декабрындагы № 826 «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын кайра уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө» токтому менен «Нарын мамлекеттик университети» мекемесинин кайра уюштурулушу башталган.

**Окуу жайынын уюмдук-укуктук формасы жана менчигинин формасы жөнүндө маалымат**

1. Университет — бул мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүүчү мекеме болуп, кесиптик жогорку, окуу жайдан кийинки кесиптик жана орто кесиптик билим берүү тармагында билим берүү, илимий-изилдөө, маданий-аалымдук, өндүрүштүк-коммерциялык жана башка ишмердүүлүктөрдү жүргүзөт.
2. Университеттин билим берүү структурасына окуучулар, студенттер, магистранттар, аспиранттар жана докторанттар кирет.
3. Университет Кыргыз Республикасынын элдеринин маданий мурастарын сактоочу объект болуп, билим берүү, илим жана маданият борбору, профессорлордон, доценттерден, окутуучулардан, илимий кызматкерлерден жана окуу процессиндеги студенттерден турган чыгармачыл жамаат.
4. Ишмердүүлүгүндө университет Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү» жана «Илим» тууралуу мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, билим берүү тармагындагы нормативдик укуктук актыларга, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик актыларына жана ушул Уставга баш ийет.
5. Университет юридикалык жак болуп эсептелет, өз алдынча баланс жүргүзөт, казначейлик эсептерге ээ (бюджеттик, атайын жана депозиттик эсептер) — республикалык бюджеттен чыгымдарды аткарууну, мамлекеттик тапшырыкты, гранттарды каржылоону жана киреше алып келүүчү ишмердүүлүктөн алынган каражаттарды эсепке алууну камсыз кылуу үчүн; ошондой эле чет элдик валюталардагы каражаттарды эсепке алуу үчүн эсептер бар.
6. Университеттин уюмдук-укуктук формасы – мекеме, менчигинин формасы – мамлекеттик.

7. Университетте тегерек мөөр бар, анда университеттин толук аталышы, салыктан төлөөчүнүн идентификациялык номери жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү көрсөтүлгөн. Университет башка мөөлөрдү, штамптарды, өзүнүн аталышы менен бланктарды, ошондой эле эмблемаларды жана башка өзүнчө аныктоочу символдорду каттоодон өткөн тартипте колдонууга укуктуу.
8. Университет юридикалык жак катары бирдиктүү билим берүү жана илимий-изилдөө комплекси болуп, анын бардык түзүмдөрүн, анын ичинде бөлүмдөрүн, ишканаларын, окуу жайларын жана мекемелерин, филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн (юридикалык жактын статусуна ээ болбосо да) камтыйт.
9. Университет өз милдеттенмелерине ага оперативдик башкаруу укугу менен берилген мүлкү, ошондой эле университеттин өз кирешесинен алынган мүлкү менен жооп берет.
10. Бул Уставда каралган билим берүү ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн университетке мамлекеттик менчиктеги имараттар, курулуштар, мүлктүк комплекстер, жабдуулар жана башка зарыл мүлк оперативдик башкаруу укугу менен берилет.
11. Университетте саясий, коомдук-саясий жана диний партияларды жана уюмдарды түзүүгө тыюу салынат. Окуучулар, окутуучулар жана билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин арасында саясий жана диний агитация жүргүзүүгө жол берилбейт.
12. Билим берүү уюмдарынын өзгөчө статусуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 9-беренесине ылайык, университет мамлекеттик билим берүү стандарттарына барабар билим берүү стандарттарын өз алдынча иштеп чыгууга жана бекитүүгө укуктуу.
13. Билим берүү уюмдарынын өзгөчө статусуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 23-беренесине ылайык, университеттин жогорку жана окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруудагы билим берүү ишмердүүлүгү лицензиялоого кирбейт.
14. Университет «Кыргыз Республикасында иш кагаздар боюнча типтүү көрсөтмө», «Кызматтык пайдалуу маалымат камтылган документтер менен иштөөнүн тартиби жөнүндө жобо» жана Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сырларды коргоо жөнүндө» мыйзамдарынын негизинде иш кагаздарын уюштуруп жана жүргүзөт.
15. Маалыматка жетүүнүн кепилдиги жана эркиндиги «Маалыматка жетүүнүн кепилдиги жана эркиндиги жөнүндө» мыйзамдын негизинде уюштурулат жана ишке ашырылат.
16. Университет кызматкерлеринин персоналдык маалыматтар менен иштөөсүнүн укуктук жөнгө салуусу Кыргыз Республикасынын «Персоналдык маалыматтар жөнүндө» мыйзамынын негизинде жүргүзүлөт.

**Ректор, проректорлор жана аккредитация үчүн жооптуу кызматкер тууралуу маалыматтар жана алардын байланыш маалыматтары**

| № | Должность | Ф.И.О. | Телефон | | Электронная почта |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Рабочий | Мобильный | |
| 1. | Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин ректору | Чонтоев Догдурбек Токтосартович | (+996)32-33-94 | (+996)772 412 741 | dchontoyev@mail.ru |
| 2. | Биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор | Шамшиев Алайбек Бурканович | (+996)32-32-47 | (+996)707 528 181 | alay.shamshiev@mail.ru |
| 3. | Илимий иштер боюнча проректор | Камчыбек уулу Мырзабек | (+996)32-33-35 | (+996)705 705 509 | myrza.kamchybekov@gmail.com |
| 4. | Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча проректор | Ишекеев Назаркул | - | (+996)550 528 743 | n_ishekeev@bk.ru |
| 5. | Инвестициялар боюнча проректор | Сыдыкова Гулбара Бектургановна | (+996)32-33-87 | (+996)773 108 198 | gulbar77@mail.ru |
| 6. | Административдик жана чарбалык иштер боюнча проректор | Айтахунов Бакытбек Курманбекович | (+996)61-44-68 | (+996)704 171 117 | b.aitahunov@mail.ru |
| 7. | Регионалдык маселелер боюнча проректор, **аккредитация үчүн жооптуу кызматкер** | Базакеева Кундузгуль Жаманчаевна | - | (+996)553 870 877 | kunduzka@inbox.ru |
| 8. | Билим берүү сапатын башкаруу тутумунун департаментинин лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн башчысы | Бузурманкулова Гульнара Шакировна | - | (+996)505 020 872 | gulnara.buzurmankulova@knu.kg |

**Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын курамы жөнүндө маалымат**

**Комиссиянын төрайымы**:

1.Эсеналиева Гүлжамал Омуракуновна– т.и.к.., доцент, педагогикалык факультеттин деканы

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

1.Каттообек кызы Чынара – Арстанбек Буйлаш уулу атындагы №8 орто мектептин башталгыч классынын мугалими

2.Басылбекова Сюита Сагынбековна- №16 «Ыйман» бала бакчанын методисти

3.Бектурова Эмилия Орозбековна- п.и.к.., ПТжОТ кафедрасынын башчысы

4.Асанкулова Мазира Көчөровна-п.и.к., ПТжОТ кафедрасынын ага окутуучусу,

5.Бакытбек кызы Айбарчын- ПТжОТ кафедрасынын студенти

2026-жылдын 23-мартындагы № 01-4/70 “Жумушчу топ жана аккредитациялык комиссия түзүү жөнүндө” буйрук

**Окуу жайдын ишке ашырылуучу билим берүү программаларынын тизмеси**

2025-2026-окуу жылына карата:

| **№** | **Шифры** | **Окуу программалары** | **Окуу формасы** |
|---|---|---|---|
| | 580100 | Экономика | Күндүзгү, сырттан |
| | 550100 | Табигый илимдик билим берүү | Күндүзгү, сырттан |
| | 532000 | Дене тарбия жана спорт | Күндүзгү, сырттан |
| | 600200 | Туризм | Күндүзгү, сырттан |
| | 530500 | Юриспруденция | Күндүзгү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 550700 | Педагогика | Күндүзгү, сырттан |
| | 550400 | Социалдык-экономикалык билим берүү | Күндүзгү, сырттан |
| | 550200 | Физика-математикалык билим берүү | Күндүзгү, сырттан |
| | 550600 | Көркөмдүк билим берүү | Күндүзгү, сырттан |
| | 550300 | Филологиялык билим берүү | Күндүзгү,сырттан |
| | 570027 | Адабий чыгармачылык | Күндүзгү |
| | 560001 | Дарылоо иши | Күндүзгү |
| | 580600 | Логистика | Күндүзгү, сырттан |
| | 610600 | Айыл чарба өндүрүмүн өндүрүү жана кайра иштетүүнүн технологиясы | Күндүзгү, сырттан |
| | 520800 | Жаратылышты колдонуу жана экология | Күндүзгү, сырттан |
| | 640200 | Электр энергетикасы жана электр техникасы | Күндүзгү, сырттан |
| | 670 300 | Транспорттук процесстердин технологиясы | Күндүзгү, сырттан |
| | 710100 | Информатика жана эсептөөчү техника | Күндүзгү |
| | 710300 | Колдонмо информатика | Күндүзгү, сырттан |

**Билим берүү программаларына лицензиялар жөнүндө маалыматтар**

Лицензия No 2023-0054

**Окуу жайдын билим берүү программаларын аккредитациялоо жөнүндө маалыматтар**

Сертификат № VU210000010

**Нарын мамлекеттик университети алган сыйлыктар тууралуу маалымат**

1. 2010-жылы НГУ «Европалык сапат» сыйлыгына Европалык бизнес ассамблеясынан (Оксфорд, Англия) татыктуу болгон. Бул сыйлык жогорку сапатка жетүүгө үзгүлтүксүз умтулуу жана европалык стандарттарга шайкештик үчүн берилген.
2. 2011-жылы НГУ Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Бул сыйлык республиканын ар түрдүү тармактарында жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого жана билим берүү системасын өнүктүрүүгө кошкон салым үчүн берилген.
3. 2016-жылы илимий-педагогикалык «Мугалим» журналынын конкурсуна ылайык, Нарын мамлекеттик университети «Энергетикалык билим берүү мекемеси» наамына татыктуу болгон.

**Нарын мамлекеттик университетинин ар кандай уюмдардагы мүчөлүгү тууралуу маалымат**

1. 2016-жылы Кыргыз Республикасынын ЖОЖдор Ассоциациясынын мүчөсү.
2. 2014-жылы СНГ Педагогикалык жогорку окуу жайлары Ассоциациясынын мүчөсү.

**Бардык билим берүү программалары боюнча окуучулардын саны жөнүндө маалыматтар**

Студенттик кадрлар бөлүмүнүн маалыматы

**Аккредитацияланууучу программанын боюнча окуу планы**

Окуу багытындагы окуу пландары – бул окуу процессин жөнгө салган негизги документ 550700 «Педагогика» багыты боюнча түзүлгөн:

- ✓ Негизги окуу планы – толук нормативдик окуу мөөнөтү боюнча;
- ✓ Жумушчу жылдык окуу планы – конкреттүү окуу жылы үчүн, ага ылайык кафедра окутуучуларынын окуу жүгү эсептелет;

Бакалаврдын индивидуалдык окуу планы – ар бир студенттин билим берүү траекториясын аныктайт. Бардык окуу пландары окууну башкаруу бөлүмүнүн сайтына жайгаштырылган.

Окуу пландары билим берүү процессинин логикалык тартибин эске алуу менен түзүлгөн (пререквизиттер жана постреквизиттер) жана кутулган жыйынтыктарга жетүүгө багытталган (ар бир дисциплина белгилүү компетенцияларды өнүктүрөт).

Жумушчу окуу планы окуу жылынын башында кафедра жыйналышында каралат, педагогика факультетинин деканы, окуу башкармалыгынын башчысы менен макулдашылып, С. Нааматов атындагы НГУнун академиялык иштер боюнча проректору тарабынан бекитилет, анткени ар жылы тандалма дисциплиналарда өзгөртүүлөр киргизилет.

Окуу планынын структурасы эмгек рыногундагы учурдагы жана болжолдуу өзгөрүүлөрдү, жумуш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алууга, бакалаврларды үзгүлтүксүз өнүктүрүүгө жана жеке өсүшүнө мүмкүнчүлүк берет. Протокол: №10, «30» июнь 2025-жыл, «2022-2023-жылдардын окуу планын бекитүү»

Билим берүү программаларынын жетекчилери окуу пландарынын сапаты, ББПна жана кызыкдар тараптардын талаптарына шайкештиги үчүн жооптуу, жана «НГУда окуу пландарын иштеп чыгуу жана түзөтүү боюнча нускамаларга» ылайык иш жүргүзөт (НГУ сайты, ОБ бөлүм).

**Нарын мамлекеттик университетинин түзүлүшү жана өнүгүүсү тууралуу кыскача тарых**

Нарын мамлекеттик университети Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 22-майындагы № 172 “Нарын мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө” Жарлыгынын негизинде түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабрындагы № 785 токтому менен университет , белгилүү кыргыз агартуучусу-илимпоз Сатыбалды Нааматовдун атын алган.

Бүгүнкү күндө университетке 4 факультет, 8 кафедра, магистратура, аспирантура жана докторантура бөлүмдөрү, 3 колледж, авто мектеп жана мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу боюнча облустук борбор кирет.

Университет 15 бакалавриат багыты, 4 магистратура багыты, 8 аспирантура багыты, 2 докторантура багыты жана 20 орто кесиптик билим берүү адистиги боюнча кадрларды даярдайт.

Өзүнүн 30 жылдык ишмердүүлүгүндө Нарын университети 20 миңден ашуун жогорку квалификациялуу адистерди даярдаган, алар учурда Кыргызстанда жана чет өлкөдө эмгектенишет.

Учурда Нарын университетинде ар кандай билим берүү деңгээлдери жана багыттары боюнча жакынча 4000 студент окуйт.

Профессордук-окутуучулар курамы 120 кызматкерден турат, алардын ичинде 4 илим доктору жана 47 илим кандидаты бар. Университет илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого чоң көңүл бурат. Соңку жылдары университеттин кызматкерлери илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын ийгиликтүү коргоп, илимий даражаларды алышты, анын ичинде 47 илим кандидаты жана 4 илим доктору бар. Окутуучулардын 99% штаттык негизде эмгектенет.

Материалдык-техникалык жактан университет 5 окуу корпусуна, 1 спорт залга, 3 окуу китепканасына ээ (http://nsu.kg/илим/илимий-китепкана/). Окуу имараттары глобалдык интернет тармагына жана локалдык тармакка туташкан. Окуу процессинин жыйынтыктарын талдоо жана башкарууну автоматташтыруу үчүн E-bilim маалыматтык системасы колдонулат.

## 1. Минималдык талаптарды аткарылышы жана далилдери

Бул өзүн-өзү баалоо Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүң негизги билим берүү программасынын программалык аккредитациясын өткөрүү боюнча жетекчилигине ылайык даярдалган жана 550700 «Педагогика» багыты боюнча бакалавр даярдоо билим берүү программасынын НИАРС стандарттарына ылайыктуулугун баалоого багытталган. Кириш бөлүм отчеттун биринчи бөлүгүн түзүп, тышкы баалоолордун негиздерин, методологиялык ыкмаларды, ошондой эле даярдоо багытынын зарыл болгон өзгөчөлүктөрүн белгилейт.

Бул документтин максаты — «Педагогика» багыты боюнча негизги билим берүү программасын объективдүү, ачык жана далилдүү түрдө өзүн-өзү баалоо аркылуу анын сапатын жана тышкы деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн тастыктоо, ошондой эле тышкы эксперттик комиссиянын визитине даярдык көрүү. Киришүү бөлүмүндө отчетту даярдоо үчүн колдонулган структура жана иш принциптери чагылдырылат: өзүн-өзү баалоо жумушчу тобун башкаруу, уюм ичиндеги тараптардын катышуусу, документтерди жана маалыматтарды колдонуу, ошондой эле НИАРС стандарттарын сактоо.

Нарын мамлекеттик университети С. Нааматов атындагы — Кыргыз Республикасынын аймактык жогорку окуу жайы, көп деңгээлдүү билим берүү-изилдөө чөйрөсү менен. Университет бакалавриат, магистратура, аспирантура жана башка формалар боюнча кеңири спектрдеги билим берүү программаларын ишке ашырат, анын ичинде 15 бакалавриат программасы, 4 магистратура программасы, 8 докторантура программасы жана башка билим берүү формалары бар. 550700 «Педагогика» багытынын алкагында бакалаврларды даярдоонун программасы ишке ашырылат.

## БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АККРЕДИТАЦИЯЛОО

## ТАЛАПТАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ

**СТАНДАРТ 1. «Билим берүү программасы».**
**Киришүү.**

Бул бөлүм С. Нааматов атындагы НГУда жүзөгө ашырылып жаткан жогорку билим берүү программаларынын (ББП) негизгилерин көрсөтөт. Программалар жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого багытталган жана негизги теория, практикага багытталган окуу жана заманбап санариптик модулдардын айкалышын камтыйт, ошондой эле ишкердик чөйрөнүн талаптарына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкештикти камсыз кылат.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Каралууга тийиш болгон маселелер | Көмөкчү материалдардын тизмеси жана тастыктоочу документтер |
|---|---|---|---|
| **1.1.** | ББП билим берүү уюмунун миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келген так белгиленген билим берүү максаттарына жана күтүлүүчү окутуу натыйжаларына ээ | С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин миссиясы — республиканын социалдык-экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу максатында ылдам өзгөрүп жаткан дүйнөдө кесиптик ишмердүүлүк жүргүзүүгө жөндөмдүү, коомдун адептик, маданий жана илимий баалуулуктарын өнүктүрүүгө салым кошо алган компетенттүү адистерди даярдоо болуп саналат. Бул миссия университеттин Стратегиялык өнүгүү планында белгиленген.<br>550700 «Педагогика» багыты боюнча негизги билим берүү программасынын максаттары жана күтүлгөн окутуу натыйжалары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келет. Программа университеттин миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына толук жооп берип, тиешелүү буйруктун негизинде, ОМК жана Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдагы жыйынында бекитилген.<br>ББПнын максаты — студенттерде жалпы маданий, кесиптик жана предметтик компетенцияларды калыптандыруу, ошондой эле инсандык сапаттарды өнүктүрүү болуп саналат. Окутуу процессинде студенттерде | Тиркеме. 1.1.1. Стратегиялык план<br><br>СМК Руководство по качеству 1.03.2025<br>Политика в области качества<br>Тиркеме. 1.1.2. Мамлекеттик билим берүү стандарты<br>Тиркеме 1.1.3. 550700 Билим берүү программасы<br>Тиркеме 1.1.3. ОКнын протоколу Форум<br>Тиркеме 1.1.4.а Бүтүрүүчүнүн модели<br>Тиркеме 1.1.4б. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | коомдун маданий жана илимий баалуулуктарын кабыл алуу жана аларды иш жүзүндө колдонуу жөндөмдөрү калыптанат.<br>Билим берүү программаларын бекитүү, иштеп чыгуу, рецензиялоо ички локалдык жобого ылайык төмөнкү ырааттуулукта окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитүү циклынан өтүү аркылуу жүргүзүлөт: ББПын иштеп чыгуучулар — профилдик кафедра болуп саналат, анын башчысы тарабынан окутуучулардын арасынан долбоордук топ түзүлөт. Бул топ программаны иштеп чыгуу менен алектенип, анын миссиясын, негизги билим берүү программасынын максаттарын — тарбия берүү жана окутуу чөйрөлөрүндө — аныктайт. Ошондой эле алар программанынын өзгөчөлүгүн, багытын, даярдоо профилин жана эмгек рыногунун талаптарын эске алышат. ББПнын окуу планын жана компетенциялардын, курамдык бөлүктөрүнүн жана баалоо каражаттарынын шайкештик матрицасы тиешелүү долбоордук топ тарабынан ишке ашырууга катышкан кафедра башчылары, иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү жана билим алуучулар менен макулдашылат. Иштелип чыккан ББПсы университеттин Окуу-методикалык кеңешинин кароосуна жиберилет, жактырылган. ББПнын Окумуштуулар кеңешинин кароосуна жолдомо алат жана анын оң чечиминин негизинде ректордун колу менен бекитилип, мөөр менен күбөлөндүрүлөт.<br>Рецензиялоо тышкы рецензенттер — академиялык коомчулуктун өкүлдөрү же профилдик ишканалардын иш берүүчүлөрү - тарабынан жүргүзүлөт. Бүтүрүүчүнүн модели кафедранын жумушчу тобу тарабынан кесиптик стандарттардын, мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын жана иш берүүчүлөрдүн сурамжылоосунун негизинде, компетенциялар матрицасын түзүү аркылуу иштелип чыгат. Модель тереңирээк теориялык базаны, анализ жүргүзүү жөндөмүн, белгилүү деңгээлде өз алдынчалык элементтери менен кесиптик ишмердүүлүккө даярдыкты, ошондой эле кесиптик компетенциялардын кеңири спектрин өздөштүрүүнү камтыйт.<br>Педагогика багыты боюнча бакалаврды даярдоо бүтүрүүчүнүн моделинде көрсөтүлгөн калыптануучу билим, көндүм жана компетенцияларга ылайык жүргүзүлөт. | Компетенттүүлүк матрицасы<br>Тиркеме 1.1.4в . Окуу планы<br>Тиркеме 1.1.5. Эксперттик топ жөнүндө буйрук<br><br>Тиркеме 1.1.5а кафедранын протоколу<br><br>Тиркеме 1.1.6. Көз карандасыз эксперттин рецензиясы,<br><br>Тиркеме 1.1.7. Иш берүүчүлөр жөнүндө каф.протоколу<br>фото отчет<br><br>Тиркеме 1.1.7. ОКнин протоколунан көчүрмө<br>Тиркеме 1.17а. кафедранын кеңешмеси<br>Ачык эшиктер күнү<br>**https://www.facebook.com/share/p/17sMdfaA3v/**<br>Тиркеме 1.1.8. Жумушчу окуу планы<br>Тиркеме 1.1.9. Дисциплиналардын программалары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Тиркеме 1.1.10.Кесиптик эмгек рыногунун талаптарын эске алаган программанын далилдеген күбөлүк. Лицензия No 2023-0054<br>Кызматкерлердин, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн жана кесиптик коомчулуктун өкүлдөрүнүн (иш берүүчүлөрдүн) жамааттык келишими<br>тил куну<br>**https://www.facebook.com/share/v/18QQ9KDKMJ/** |
| **1.2.** | Билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмү билим берүү стандарттарына шайкеш келет. | Окуу дисциплиналарынын эмгек сыйымдуулугу НББПда, окуу планында жана белгиленген тартипте бекитилген штаттык расписаниеде чагылдырылып, бекитилет. Эмгек сыйымдуулугу Жогорку окуу жайынан кесиптик билим берүү программасына, Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук актыларына ылайык кредиттер менен аныкталат. Бул боюнча НББПда жана университеттеги кредиттик технология боюнча окууну жөнгө салуучу документтерде көрсөтүлгөн. | Тиркеме. 1.2.1 Окуу планы ПНО<br>_Окуу планы ПДО<br>Тиркеме 1.2.2. Дисциплиналардын жумушчу программалары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Иш берүүчүлөр окуу пландарын жана жумушчу программаларды иштеп чыгуу жана түзөтүү баскычында дисциплиналардын эмгек сыйымдуулугун аныктоого катышат.<br>НББПны жана окуу пландарын даярдоо үчүн жумушчу топтордун курамына иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү жана тажрыйбалуу практик-окутуучулар чакырылат. Алар дисциплиналардын тизмесин жана окуу ишинин түрлөрү боюнча кредиттердин бөлүштүрүлүшүн талкуулоого катышып, кесиптик ишмердүүлүктүн реалдуу талаптарын эске алуу менен эмгек сыйымдуулугун оптималдаштыруу боюнча сунуштарды беришет. Ар бир окуу планына жана илимий билим берүү программасына иш берүүчүлөрдүн жана тышкы эксперттердин рецензиялары бар. Анда дисциплиналардын түзүмү жана эмгек сыйымдуулугу боюнча сунуштар чагылдырылган.<br>Жумушчу программалар СМК ПР 3.11-2017 "ОМК окуу дисциплинанын негизги билим берүү программасын" документинин негизинде түзүлүп факультеттин Кеңешинде каралат, андан кийин НМУнун ОМСнин жыйынында талкууланат, анын чечиминин негизинде НМУнун окуу иштери боюнча проректор тарабынан бекитилет.<br>Бакалавр багыты боюнча негизги билим берүү программасынын (НББП) окуу жүгү кредиттик технологиянын негизинде аныкталат. Окуу жүгүнүн көлөмү студенттин окуу ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн камтыйт жана төмөнкүлөр боюнча эсептелет:<br>• лекциялык сабактар;<br>• практикалык жана семинардык сабактар;<br>• студенттин өз алдынча иши;<br>• практиканын бардык түрлөрү;<br>аралык жана жыйынтыктоочу аттестация.Программанын жалпы көлөмү 240 кредитти (7200 саат) түзөт. | Тиркеме 1.2.2.а Тандоо курстары,<br>Тиркеме 1.2.2.б кафедранын протоколу<br>Тиркеме 1.2.3 Окуу процессинин графиги<br>Тиркеме 1.2.4. Эксперттик топ протокол кафедра<br>Тиркеме 1.2.5.СМК ПР 3.11-2025 "ОМК окуу дисциплинанын негизги билим берүү программасын"<br>Тиркеме 1.2.6. Жумушчу программа (Окуу планы)<br>Тиркеме 1.2.6.Тегерек стол |
| **1.3.** | ББП теорияны жана практиканы | 550700 "Педагогика" багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык практикалар милдеттүү түрдө аткарылышы керек жана | Тиркеме. 1.3.1. Практиканын базалары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | натыйжалуу интеграциялап, студенттер-дин практиканын, стажировкалардын бардык зарыл түрлөрүнө жана окутуунун башка түрлөрүнө ээ. | студенттин түздөн түз кесиптик-практикалык даярдыгына багытталган окуу иштеринин түрү болуп саналат.<br><br>550700 – Педагогика багыты боюнча ЖКББнүн НББПсында окуу практикаларынын төмөнкү түрлөрү караштырылган:<br>Б.2. Практика Компетенциялар<br>Б.2.1. Адаптациялык-педагогикалык практика КК-6. КК-7. КК-10<br>Б.2.2. Кесиптик-базалык практикаПК-6, ПК-9<br>Б.2.3. Кесиптик-профилдик практика ПК-7, ПК-8<br>Б.2.4. Квалификация алдындагы практика ПК-1, ПК-10<br>Студенттердин тиешелүү практикалардан өтүүсү үчүн окуу базасы болуп берүүчү төмөнкү мекеме ишканалар менен келишимдер түзүлгөн:<br><br>Мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык студенттер: үзгүлтүксүз-көнүктүрүү практикасы, практика, кесиптик-базалык жана кесиптик-профилдик, квалификация алдындагы практикалардан өтүшөт. Практикалар окуу планына ылайык уюштурулат. Практиканын программалары "студенттердин практикасы жөнүндө" жобонун жана НББПнын курамына кирет.<br>Студенттер Адаптациялык-педагогикалык практикада «Мектеп күнү» мектептеги окуу жана тарбия иштери менен таанышып, жыйындарды, рейддерди, майрамдарды,линейкаларды, тарбиялык маектерди жана маалыматтык иштерди даярдоого катышышат. Ошондой эле окуучулар менен кошумча жана жекече сабактарды өткөрүшөт, тарбиячыга, предметтик мугалимге жана класс жетекчиге жардам көрсөтүшөт. Практика жетекчиси жыйынтыгында отчет алат.<br><br>Ал эми кесиптик-базалык жана кесиптип-профильдик практикада студенттер бөлүнгөн жалпы орто билим берүү мекемелеринде атайын башталгыч класстын мугалимдерине бөлүштүрүлүп берилет. Алар план боюнча сабактарды, тарбиялык ачык сабактарды уюштуруп, практиканын аягында отчеттук сабак өтүшөт. Отчеттук сабакка ЖОЖ бөлүнгөн практика жетекчиси да катышып, жыйынтык баасын чогуу коюшат.<br><br>Ал эми квалификациянын алдындагы практикага атайын илимий жетекчи | Тиркеме 1.3.2. Практика алдындагы конференциянын протоколдору<br><br>Тиркеме 1.3.3. практиканын программалары<br><br>Тиркеме1.3.4а ."Студенттердин практикасы жөнүндө" жобо<br><br>Тиркеме 1.3.4.б Жумуш ордунда окутуу жобо<br><br>Тиркеме 1.3.5. Мекеме ишканалар менен келишимдер<br><br>Тиркеме 1.3.6. Квал.алдындагы пратиканын программасы<br><br>Тиркеме 1.3.7. Практиканын отчетунун протоколдору сүрөттөр, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | менен биргеликте түзүлгөн план менен изилдөө иштеринин практикалык бөлүмүн аткарышат. Даиграммаларды,салыштырууларды, талдоолорду жүргүзүшөт. Калыптандырылуучу эксперименттер жүргүзүлөт.<br>Студенттер практика кеткенге чейин жана практикадан келгенден кийин конференциялар уюштурулуп, студенттер практиканы өткөрүү тууралуу кенеш алышат, практикадан келгенден кийин конференциялар уюштурулуп студенттерден отчет алынат. Практика боюнча жыйынтыктоочу конференцияларда практиканын жыйынтыгы окутуучулар жамаатынын, практика жетекчилеринин, студенттердин катышуусунда чыгарылып, отчеттору кафедрага тапшырылат. Практикада активдүү катышкан студенттер мектептин админстрациясынын ыраазычылык каттары менен сыйланышат.(Тиркеме 1.3.8)<br>Студенттердин практика өтүүчү жерлерине жана уюштурулушуна канааттануусун баалоо үчүн практиканын аягында студенттерге анкета жүргүзүлөт, анын жыйынтыктары кийинки практика түрлөрүндө эске алынат. | Тиркеме 1.3.8 Ыраазычылык каттар<br><br>Тиркеме 1.3.9. Сурамжылоочу анкетанын жыйынтыгы https://www.facebook.com/share/v/196Rxgj3Ka/<br>практиканын отчету https://www.facebook.com/share/p/18UavhqBDv/ |
| **1.4.** | ББП мазмунга үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнү жана аны жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыз кылат, анын ичинде билим алуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канаттануусун мезгил-мезгили менен баалоо. | Билим берүү программалары (ББП) ар бир үч жылда кайра каралат. Мындан тышкары, окуу пландары жыл сайын жаңыланып турат, бул үзгүлтүксүз өркүндөтүүнү камсыз кылат.<br>Нарын мамлекеттик университетиндеги **“СМК, Билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы”** ушул жобонун негизинде, академиялык кызмат көрсөтүүлөрдүн, илимий жана чыгармачыл иш аракеттендин сапатты башкаруу систкмасы НМУ да билим берүү процессинин сапатын пландаштыруу, камсыз кылуу жана жакшыртуу аркылуу белгилүү бир керектөөлөрдүн белгиленген жана күтүлүп жаткан маанилүү муктаждыктарын канаттандыруу үчүн зарыл болгон түзүмдөрдүн, этаптардын жана ресурстардын жыйынтыдысы катары аныкталат. О.э. сапатты башкарууну уюштуруунун тартибин, НМУнун түзүмдүк бөлүмдөрү менен уюмдардын ортосундагы өз ара аркеттенүүнү белгилейт. Бул багытта билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу үчүн бардык кызыктар | Тиркеме. 1.4.1. Сапатты башкаруу системасы СМК<br><br>протокол 2025-2026 иш-план<br><br>Тиркеме. 1.4.2. Билим берүү программаларынын презентацияларынын протоколу<br><br>Тиркеме 1.4.3. Эксперттик топ буйрук |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тараптардын катышуусунда билим берүү программаларынын презентациялары өткөрүлүп турат. (Тиркеме 1.4.2.)<br>Презентациялардын жыйынтыгы факультеттин жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн өкүлдөрүнүн катышуусунда өткөн жыйында талкууланды. Бардык сунуштарды эске алуу менен билим берүү программасын өркүндөтүү максатында иш берүүчүлөр менен жолугушуулар өткөрүлүп, ачык эшиктер күнү өткөрүлүп, жумуш берүүчүлөрдүн Кеңеши түзүлгөн. Тиркеме 1.4.4.<br>Жыйында каралган маселелердин аягында иш берүүчүлөр менен кайтарым байланыш жана ички баалоо ирээтинде сурамжалоо анкетасы жүргүзүлүп турат. Тиркеме 1.4.5.<br>Педагогика багыты боюнча учурдагы ББП 2025-жылы ЖОЖдун Окумуштуулар кеңешинде бекитилген (2025-жылдын 28-августундагы №1 протокол), иш берүүчүлөрдүн пикирлерин жана кесиптик стандарттардагы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен. БПнын мазмунуна акыркы мониторинг Сапат боюнча кеңеш тарабынан 2026-жылдын 16-мартынан 20-мартына чейин өткөрүлгөн. Тиркеме 1.4.7.<br>Студенттерден ар бир семестр аяктагандан кийин дисциплиналардын мазмууну, өтүлүшү жана окутуучулардын окутуу формасы боюнча сурамжылоо-анкета уюштурулуп турат.Анын жыйынтыктары менен ар бир окутуучу рефлекция кылып, мазмууна, окутуу формасына өзгөртүүлөрдү түзүп чыгат. Тиркеме 1.4.8. | Тиркеме 1.4.4. Жумуш берүүчүлөрдүн Кеңеши<br><br>Тиркеме 1.4.5. (Иш бер.анкета)<br><br>https://www.facebook.com/share/p/1EQHzujfYn/<br>"Кыргызстандын орто мектептерин он эки жылдык окууга өткөрүү демилгеси дүйнөлүк ийгиликтүү тажрыйбалардын негизинде" аталышы онлайн, оффлайн формада тегерек стол<br><br>Тиркеме 1.4.6. СМК 2.01.25<br><br>Тиркеме 1.4.7 Протокол №1, 28.09.25.<br><br>Тиркеме 1.4.8. студенттердин окуу процессине канаттануусу мониторинг |
| **1.5.** | ББП билим берүү процессинде | НМУда окутуунун аралаш формалары колдонулат. Аларга салттуу (аудиториялык), аралыктан окутуу жана гибриддик форматтар кирет. Бул | Тиркеме 1.5.1. Дистанттык жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | инновациялык окуу-методикалык ресурстарды, педагогикалык методдору, формаларды жана технологияларды колдонот | формалар студенттердин активдүү катышуусун камсыздап, өз алдынча иштөөсүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн жана практикалык-долбоордук көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.<br>Университетте окуу процессин колдоо үчүн төмөнкү инновациялык ресурстар колдонулат:<br>• Санарип билим берүү платформалары (Moodle, Google Classroom ж.б.);<br>• Онлайн байланыш жана окутуу каражаттары (Zoom, WhatsApp);<br>• Интерактивдүү доскалар жана мультимедиялык жабдуулар;<br>• Видеолекциялар, вебинарлар, электрондук тестирлөө системалары;<br>• Презентациялар, визуалдык материалдар жана электрондук окуу материалдары.<br>Бул ресурстар билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзөт.<br>НМУда окутуунун активдүү жана инновациялык усулдары системалуу түрдө колдонулат. Аларга төмөнкүлөр кирет:<br>• Кейс-стади (конкреттүү кырдаалдарды талдоо);<br>• Мээ чабуулу;<br>• Долбоордук метод;<br>• Ишкердик жана ролдук оюндар;<br>• Дебаттар, дискуссиялар, тегерек столдор;<br>• Проблемалык окутуу;<br>• Кызматташтыкта окутуу (топтук иштер);<br>• Пресс-конференция түрүндөгү лекциялар, лекция-маектешүү;<br>• Тренингдер, мастер-класстар жана чыгармачылык лабораториялар.<br>Ошондой эле санарип технологиялар аркылуу онлайн-сабактар, интерактивдүү презентациялар жана аралаш окутуу ыкмалары кеңири колдонулат. Бул ыкмалар студенттердин чыгармачылык, изилдөөчүлүк жана критикалык ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.<br>Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын алкагында 2019-жылдан бери окуу жөндөмүн күчөтүү боюнча USAIDдин КЕЛГИЛЕ,ОКУЙБУЗ! МЕКТЕП 2030-долбоору менен тыгыз иш жүргүзөт. АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттигинин демөөрчүлүгү менен ачылган. Бул окуу планына киргизилген «Башталгыч мектепте окууга жана жазууга | гибриддик окуу технологиялары жөнүндө Жобо<br><br>Тиркеме 1.5.2. Маалыматтарды колдонуу инновациялык окуу-методикалык ресурстар<br><br>Тиркеме 1.5.3. Ebilim MC жөнүндө Жобо<br><br>Тиркеме 1.5.4. Конок лекциялары, сүрөт,<br><br>**https://www.facebook.com/share/p/1BCzYdhqWw/**<br>Нарын шаарындагы N9 А.Садыков атындагы орто мектепте "Мекен таануу" сабагынан СТЭМ мамилесин колдонулуп өтүлгөн сабак |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | дифференциацияланган жана интеграциаланган окутуу» дисциплинасында жана “Келечектеги башталгыч класстарынын мугалимдеринин математикалык компетенцияларын калыптандыруунун методикасы” дисциплинасында ОКУУ, КЕРЕМЕТ долбоорундагы методикаларды студенттер жаңы методиканы сабакта пайдалануунун көндүмдөрүнө ээ болушуп, таанышып, дүйнө таанымын кеңейтишет.<br>Интеграциялык процесстердин өнүгүшүнө байланыштуу мугалимдердин иш программалары, окуу материалдары жыл сайын жаңыланып жана толукталып турат.<br>Окуучуларды окутуунун формаларын регламенттөөчү документтер жумушчу программаны түзүүдө саны жана пайыз менен белгиленет.<br>Маалыматтарды колдонуу инновациялык окуу-методикалык ресурстар окутуучулардын жаңы методика боюнча иштеп, басмадан чыккан методикалык куралдары бизге пайдалуу банк болуп эсептелет. Мисалы: Дарья Джеңишбековна, Шайыр Карыпбековна<br>Башка өлкөлөрдүн университеттеринин окутуучулары, республиканын жарандык жана мамлекеттик секторлору менен өз ара аракеттенүүнү жана тажрыйба алмашууну жогорулатуу максатында, кафедра жыл сайын ЖОЖдордун профессорлорунун, коомдук ишмерлердин конок лекцияларын уюштуруп турат.<br>18.10.2022 Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессору п.и.д. Сакиева С.С «Кыргыз заманбап педагогу», 03.11.2022 Ж.Баласагын атындагы КУУнин доценти Сулайманова Р «заманбап мугалимдин имиджи»,<br>03.11.2022 И.Арабаев атындагы КМУнин профессору п.и.д. Раимкулова А.С. «Педагогикалык чеберчиликке жүз кадам », 4.11.2022 И.Арабаев атындагы КМУнин профессору Шаршеналы Аалиев «Азыркы замандын математик мугалими» конок лекцияларды окуп активдүү катышкан студенттерге сертификаттарды тапшырышты.<br>Ж. Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин окутуучусу Жамангулова Кыялбүбү Үсөнбековна көркөм билим берүү, башталгыч билим берүү, мектепке чейинки билим берүү адистиктеринин студенттерине академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү максатында 28-ноябрдан 2-декабрга чейин сабак өттү. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жыл сайын кафедранын мугалимдери Нарын мамлекеттик университетинде семинар-тренингдерде квалификациясын жогорулатууда. Баалоонун жаңы ыкмалары жана методдору семинарда дайыма камтылууда.<br>НМУда билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында окуу процессинде инновациялык окутуу усулдары колдонуу менен бирге, студенттердин өздөштүрүп жаткан билимдерин баалоо жана коррекциялоо үчүн университетте студенттердин катышуусу менен тегерек столдор, жолугушуулар өткөрүлүп турат. Ошондой эле түзүлгөн (ОК нин отурумунун протоколу ачык сабактардын графиктерин бекитүү) графиктин негизинде окутуучулар арасында жолдоштук сабактар уюштурулуп, жаңы методдор демилгеленип турат.<br>Университеттин окутуучулары сабак учурунда окутуунун ар түрдүү усулдарды жана ыкмаларын колдонуп өтүүдө, алардын ичинен өзгөчө басымды окутуунун интерактивдүү усулдарга коюшат. Интерактивдүү усулдарды колдонуунун өзү эле студенттер менен кайтарым байланышты камтыйт. Ар түрдүү сабактарды окутууда стереотиптерден айрылуу үчүн, кесиптик абалдарга жаңы көз караштарды калыптандырууда, студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө НМУда окуу процессинде окутуучулар ар түрдүү окутуунун инновациялык методдорду колдонууда: көйгөйдүк жана оюн аркылуу окутуунун технологиялары, коллективде жана группада ишмердүүлүктүн окутуу технологиялары, конкреттүү абалдарды анализдөө методдору, долбоорлор менен иштөө методдору, кызматташтык аркылуу окутуу, чыгармачылык окутуу, пресс-конференция түрүндөгү лекция, лекция –маектешүү ж.б. Студентке багытталган окутуунун алкагында педагогикалык ыкмаларды, окуу формаларын жана технологияларды баалоо жана оптималдаштыруу максатында ар кандай кайтарым байланыш куралдары колдонулат. Аларга төмөнкүлөр кирет:<br>• Окутуучулар менен түз байланыш жүргүзүү;<br>• Заманбап байланыш ыкмаларын колдонуу (мисалы, социалдык тармактар аркылуу);<br>• Эдвайзерлер (кураторлор) менен иштөө;<br>• Электрондук почта жана WhatsApp топторун колдонуу; | ОК протоколу ачык сабактардын графиктери<br>кафедра график |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Академиялык мобилдүүлүк программаларында катышуу мүмкүнчүлүгү. | |
| **1.6.** | ББП билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктайт жана кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштурат. | Билим берүү программаларынын алкагында окуучулардын ар кандай топтору аныкталат, анын ичинде даярдык деңгээли ар кандай болгон студенттер, өзгөчө билим берүү муктаждыктары барлар (ӨБМ), иштеген студенттер жана чет элдик жарандар.<br>Билим берүү программаларынын алкагында университетке кабыл алынган студенттердин кызыгууларын, өздөштүрүү тилин, социалдык абалын аныктоо максатында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгында студенттик топтор аныкталат, анын жыйынтыгы менен тийиштүү иш-чаралар (жеке, адаптацияланган окуу планын түзүү, кружокторду, кошумча окууларды уюштуруу) уюштурулат. Мындан тышкары студенттердин муктаждыктары сурамжылоо, интервью аркылуу аныкталып, академиялык кеңешчилердин жыл бою коштоосу каралган.<br>Ректордун буйругу менен социалдык коргоого муктаж студенттерге, окуудагы мыкты жетишкендиктери үчүн окуу төлөмүн кыскартуу жаатында колдоо көрсөтүлүп келет. Бул колдоо университеттин атайын жобосу аркылуу ишке ашырылат.<br>Жеке өзгөчөлүктөр индивидуалдык окуу пландары, ийкемдүү графиктер, адаптивдүү программалар жана деңгээлдик айырмалануу технологиялары аркылуу эске алынат. Муктаждыктарга анкета жүргүзүү, маектешүү, жетишкендиктерге мониторинг жүргүзүү жана академиялык кеңешчилердин иши аркылуу аныкталат.<br>Индивидуалдык план ар бир студенттин өзгөчөлүктөрүнө жараша индивидуалдык окуу пландары, ийкемдүү графиктер, адаптивдүү программалар жана деңгээлдик дифференциация технологиялары аркылуу эске алынат.Тиркеме 1.6.6.<br>Билим берүү процессинин шарттарын жана талаптарын студенттерди адаптациялоо боюнча атайын программа иштелип чыгып, куратор, декан, академиялык кеңешчи, студенттик кеңеш, комендант, психолог консультант ж.б. менен бирдикте программа иштелип чыгып, программага жараша ар бир жоопту аткаруучулар иш жүргүзүп турат. Тиркеме 1.6.7. | Тиркеме. 1.6.1. Группы ЛОВЗ ден соолугу чектелген адам. топтор<br><br>Тиркеме 1.6.2. Академиялык кенешчи план, жобо<br><br>Тиркеме 1.6.3. Студенттерди соц.колдоо : буйруктар, медициналык маалымкаттары<br><br>Тиркеме 1.6.4. Социалдык колдоо жобосу<br><br>Тиркеме 1.6.5. Кошумча курстар<br><br>Тиркеме 1.6.6. Индивидуальные планы студентов (кафедра,<br><br>Тиркеме 1.6.7. Адаптивные программы (1-курстар үчүн<br><br>Тиркеме 1.6.8. Психологиялык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Студенттер үчүн план боюнча психологиялык жардамдар уюштурулуп турат. Тиркеме 1.6.8.<br>Студенттерди социалдык колдоо, окуу акыларына жеңилдик берүү боюнча Дүйшөнбиева Гулзат. 100% тж, Нуркасымова Адинай жж 25% окуу акыларынан жеңилдиктер берилген. Тиркеме 1.6.9.<br>Окуу акысынан “Эң жакшы” окугандага үчүн жеңилдиктер берилет Тиркеме 1.6.3.<br>Өмүргазиева Нурзат жатакана акысынан женилдиктер берилген, толук бошотулган. ПНО-24 группасы Тиркеме 1.6.10. | жардам план<br><br>Тиркеме 1.6.9. окуу акысынын жеңилдик<br>Тиркеме 1.6.10. Жатакана<br><br>Тиркеме 1.6.11. Өкөрүлгөн иш-чаралардын отчету, пандус<br><br>Тиркеме 1.6.12. Студенттердин жеке кызыкчылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн сурамжылоонун жыйынтыгы<br><br>**https://www.facebook.com/share/p/14WLU3cNt9q/** |

**Күчтүү жактары:**

1. НМУда билим берүү процессинин сапатын камсыз кылуу үчүн процесстик-багытталган билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасынын модели кабыл алынган, сапатты мониторингдөө жана баалоонун ички механизмдери киргизилген.
2. НМУнун сапатты камсыздоо системасынын моделин, программалык процесстерди, алардын ээлерин, сүрөттөмөсү менен процесстердин функционалдык матрицасын көрсөтүү менен Сапат боюнча колдонмо иштелип чыккан.
3. Сапат жаатындагы саясат, сапат боюнча максаттар жана милдеттер иштелип чыккан.
4. Сапат боюнча кеңеш иштейт, НМУда, анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө жана филиалдарында сапат боюнча жетекчилик жана жооптуу адамдар дайындалган.
5. НМУнун жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн сапатына ички аудит жана баалоо, профессордук-окутуучулук курамдын жана окуу бөлүмдөрүнүн рейтинги жүргүзүлөт.

6. Мектептер, архив, музейлер менен өз ара аракеттенүү механизмдери киргизилип жатат: факультеттерде тармактар боюнча кеңештер түзүлүүдө, иш берүүчүлөрдүн канааттануусу боюнча социалдык сурамжылоо (анкеталоо) жүргүзүлүүдө, билим берүү программасынын сапатын баалоого тартылууда.
7. Билим берүү сапатын баалоо үчүн кызыкдар тараптар НМУнун көмөкчү кеңешине тартылат.

**Алсыз жактары**:

1. Институционалдык аккредитация өткөрүлгөн эмес.
2. НМУнун бөлүмдөрүндө билим берүүнүн сапат системасы активдүү киргизилген эмес.

Сунуштар:

1. НМУнун жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн сапатына тышкы аудит жана баалоо жүргүзүү.
2. Институционалдык аккредитациядан өтүү.

## СТАНДАРТ 2 "ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ТААНУУ"

Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу, баалоо жана таануу процедураларынын максаты - билимдердин жана компетенциялардын ачык-айкындуулугун, салыштырмалуулугун камсыз кылуу, ошондой эле келечектеги кесиптик жана академиялык өсүү үчүн валидациялоо.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Каралууга тийиш болгон маселелер | Көмөкчү материалдардын тизмеси жана тастыктоочу документтер |
|---|---|---|---|
| 2.1. | ББП билим алуучуларды кабыл алуу эрежелеринин жана процесстеринин ачык-айкындыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылат. | Абитуриенттерди кабыл алуу С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети тарабынан бекитилген «Кабыл алуу эрежелерине» жана Кыргыз Республикасынын тиешелүү нормативдик-укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт. Кабыл алуу процесси Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына негизделип, жарандардын билим алууга болгон укуктарын камсыз кылууга багытталган. Кабыл алуу жол-жоболору ачык-айкындуулук жана объективдүүлүк принциптерине негизделет. Бардык талаптар, критерийлер, керектүү документтердин тизмеси, кабыл алуу мөөнөттөрү жана тандоо шарттары университеттин расмий | Тиркеме. 2.1.1. Кабыл алуу эрежелери<br><br>Тиркеме 2.1.2.Буклеттер<br><br>Тиркеме 2.1.3. Кабыл алуу планы -<br><br>Тиркеме 2.1.4 .Кабыл алуу комиссиясынын отчету |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | сайтында, маалыматтык материалдарда жана кабыл алуу комиссиясынын маалымат такталарында жайгаштырылат.<br>Кабыл алуу процессин уюштуруу үчүн ректордун буйругу менен кабыл алуу, экзамендик жана апелляциялык комиссиялар түзүлөт. Комиссиялардын иши тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат, ал эми экзамен комиссиялары тажрыйбалуу окутуучулардан калыптандырылып, алардын курамы жыл сайын жаңыланып турат. Ачык-айкындуулукту камсыз кылуу максатында кирүү сынактары видео байкоо орнотулган аудиторияларда өткөрүлөт. Абитуриенттерге кирүү сынактарынын жыйынтыктары боюнча апелляция берүү мүмкүнчүлүгү каралган. Мындай механизмдер кабыл алуу процессинин адилеттүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылат.<br>Студенттердин контингенти кабыл алуунун жыйынтыктарынын негизинде түзүлөт. Кабыл алуу жалпы орто жана орто кесиптик билимге ээ жарандар үчүн жеткиликтүү болуп, гранттык жана контракттык негизде жүргүзүлөт. Тандоо негизинен Жалпы республикалык тестирлөөнүн (ОРТ) жыйынтыктары боюнча жүргүзүлөт, белгиленген босого упай сакталат. Кабыл алуу турлары Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан бекитилген графикке ылайык өткөрүлөт.<br>Студенттердин контингенти билим берүү программалары боюнча талаптарга, ошондой эле профессордук-окутуучулук курамдын жүктөмүн пландаштыруу нормаларына ылайык калыптандырылат. Бул билим берүү процессинин сапатын жана ресурстардын натыйжалуу пайдаланылышын камсыз кылат.<br>Кабыл алуунун жыйынтыктары белгиленген критерийлердин негизинде комплекстүү бааланат. Негизги көрсөткүчтөргө абитуриенттердин тестирлөөдөн алган упайлары, рейтингдик тизмелердеги орду жана тандоо приоритеттери кирет. Кабыл алуу процессинин жыйынтыктары тиешелүү буйруктар менен бекитилип, расмий түрдө жарыяланат жана отчеттук документтерде чагылдырылат. Аларга кабыл алуу буйруктары, | Тиркеме 2.1.5. Кабыл алуу сынактарына талаптар<br><br>Тиркеме 2.1.6.Кабыл алуу сынагына катышкан абитуриенттердин тизмеси<br><br>Тиркеме 2.1.7.Билим берүү уюмунун сайты<br><br>Нарынский кампус Кыргызского национального университета имени Жусупа Баласагына<br><br>Тиркеме 2.1.8.Кирүү талаптарын жана жол-жоболорун талдоонун жана баалоонун жыйынтыктары жөнүндө отчеттор. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | рейтингдик тизмелер, апелляциялык комиссиянын протоколдору жана каттоо журналдары кирет.<br>Мындан тышкары, кабыл алуунун натыйжалуулугу төмөнкү аспектилер боюнча талданат:<br>• кабыл алынган студенттердин сапаттык курамы (ОРТ баллдары);<br>• билим берүү программаларына болгон суроо-талап;<br>• кабыл алуу пландарынын аткарылышы;<br>• ачыктык жана атаандаштык деңгээли.<br>Бул талдоо университеттин жетекчилиги тарабынан жүргүзүлүп, кийинки окуу жылына кабыл алуу саясатын өркүндөтүү үчүн колдонулат. | |
| 2.2. | ББП билим алуучуларга билим траекториясын калыптандырууга (тандоого), академиялык мобилдүүлүккө жана карьералык өсүшкө жардам берет. | Окуу жайда студенттерди адаптациялоо максатында комплекстүү программалар ишке ашырылат. Алар кураторлор институтун, академиялык кеңеш берүү системасын, ориентациялык (таанышуу) иш-чараларды камтыйт. Факультеттин деканы тарабынан кураторлор бекитилип, алар студенттерге уюштуруучулук, академиялык жана социалдык маселелерди чечүүдө көмөк көрсөтөт.<br>Окуу жылынын башында биринчи курстун студенттери үчүн университеттин түзүмү, ички тартип эрежелери, окуу планы, окуу корпустары жана китепкана менен тааныштыруу экскурсиялары уюштурулат.<br>Таанышуу (киришүү) курсунун мазмуну студенттерди ЖОЖдогу негизги талаптар, окуу процессинин өзгөчөлүктөрү, окуу пландары, студенттердин өз алдынча ишинин ролу жана маалымат менен иштөө көндүмдөрү менен тааныштыруу маселелерин камтыйт.<br>Университетте «ЖОЖдо окутуу технологиясы» аттуу факультативдик курс каралган, ал 1 академиялык кредитти түзүп, 1-семестрде өтүлөт.<br>Киришүү курсу жыл сайын окуу жылынын башталышына чейин биринчи курстун студенттеринин анкеталарын талдоо жана | Тиркеме. 2.2.1. Маалымат бюллетени<br><br>Тиркеме 2.2.2. Инф.пакет НМУ<br><br>Тиркеме 2.2.2. Академиялык мобилдүүлүк боюнча буйрук<br><br>Тиркеме 2.2.3. Академиялык мобилдүүлүк программалары,<br><br>Тиркеме 2.2.5. Нормативные документы - Договора по академической мобильности |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | билим берүү стандарттарынын талаптарын эске алуу менен кайра каралып, жаңыланып турат.<br>Чет элдик студенттер үчүн адаптациялык жана академиялык колдоо чаралары каралган. Аларга ориентациялык иш-чаралар, академиялык кеңеш берүү, окуу процессине интеграциялоо, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары аркылуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрү кирет.<br>Мындан тышкары, студенттерге социалдык жана маданий чөйрөгө ыңгайлашуу үчүн кошумча консультациялар жана колдоо көрсөтүлөт.<br>Студенттер академиялык мобилдүүлүк программалары, гранттык мүмкүнчүлүктөр жана алмашуу долбоорлору тууралуу маалыматтарды университеттин расмий сайтынан, эл аралык байланыштар бөлүмү аркылуу, ошондой эле кураторлор жана академиялык кеңешчилер аркылуу алышат.<br>Мындан тышкары, маалыматтык жолугушуулар, презентациялар жана түшүндүрүү иш-чаралары үзгүлтүксүз өткөрүлөт.<br>Окуу жайдын жетекчилиги студенттердин мобилдүүлүгүн колдоо максатында ата мекендик жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар менен кызматташтык келишимдерди түзөт (учурда 20дан ашык келишим бар).<br>Жетекчилик студенттерге мобилдүүлүк программаларына катышуу үчүн кеңеш берүү, кабыл алуучу окуу жайды тандоо, документтерди даярдоо жана индивидуалдык окуу планын макулдашуу боюнча көмөк көрсөтөт. Ошондой эле мобилдүүлүк процессин уюштуруу административдик деңгээлде камсыздалат.<br>Академиялык мобилдүүлүк университеттин тиешелүү жоболору менен жөнгө салынат. Студенттерге алмашуу программаларына катышууда, жеке окуу планын түзүүдө жана алынган кредиттерди таанууда колдоо көрсөтүлөт. | Тиркеме 2.2.6. Сведения о проведении консультации о карьерных возможностях в профессии<br><br>Тиркеме 2.2.7. Студентерднн жана профессордук-окутуучулук курамдын академиялык мобилд<br><br>Тиркеме 2.2.8. Мобилдүүлүккө барып келген дердин отчету<br><br>видео-отчет, слайд<br><br>Мобилдүүлүк Инстаграмм |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Өнөктөш окуу жайларда өздөштүрүлгөн дисциплиналар жана кредиттер расмий транскрипттин негизинде толук же жарым-жартылай таанылат.<br>Ошондой эле студенттерге стажировкаларга, практикаларга катышууга, карьералык өнүгүүгө жана жумушка орношууга көмөк көрсөтүлөт.<br>Академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу жана координациялоо илимий иштер жана инновация боюнча проректор тарабынан жүргүзүлөт. Ага эл аралык байланыштар бөлүмү, факультеттин декандарыи жана кафедралар катышат.<br>Мобилдүүлүктүн жүрүшү жана жыйынтыктары системалуу түрдө мониторингден өткөрүлүп, катышкан студенттердин саны, өнөктөш уюмдар, окуу жыйынтыктары боюнча маалыматтар топтолот.<br>Жыйынтыктар университеттин жетекчилиги (ректорат) тарабынан талданып, мобилдүүлүк программаларын өркүндөтүү үчүн колдонулат.<br>Быйылкы жылы Ж.Баласагын атындагы КУУне 4 студент мобилдүүлүк боюнча барып, “Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү” семинарында эң жакшы ийгиликтерди көрсөтүшкөн. Ардак грамота менен сыйланышкан.<br>Кафедра кызматкерлери студенттер үчүн ар түрдүү темаларда тренингдерди , мастер класстарды, тегерек столдорду өткөрүшөт. 2026-жылы 28-январда НМУда “Ишенимдүү билим берүү чөйрөсү: мугалим менен окуучунун эмоциялык интеллекти” аталышындагы тегерек стол откорулуп, кафедранын доценти, п.и.к, Касымова Г.А “Эмоционалдык интеллек: мугалим жана окуучу үчүн негизги компетенция” темасында баяндама жасады.<br>П.и.к, Асанкулова М.К “Балдарды эмгекке даярдоо” темасында мастер класс өткөрдү.<br>2026-жылы 15 апрелде “Студенттик демилге-2026: Жаштар-илим жана коомдун өнүгүшүндө” аттуу илимий-практикалык конференция өткөрүлдү. | https://www.instagram.com/reel/DXKR57XCP9q/?igsh=MWxwY3V0enl1ODhldg<br><br>Р. Отунбаеванын фондунда волентордук педагогика факультетинин студенттери. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мындан тышкары, студенттер волонтердук кыймылдарга активдүү катышып, университеттик жана нарын шаардык, облусттук деңгээлдеги иш-чараларды уюштурууга көмөктөшөт. Фото | |
| 2.3. | ББП мурунку билим берүүнүн квалификациясын, мезгилдерин жана окутуунун натыйжаларын объективдуу таанууну камсыз кылат. | Башка билим берүү уюмдарында өздөштүрүлгөн окуу мезгилдери жана алынган кредиттер студенттерди которуу, кайра калыбына келтирүү жана окуудан чыгаруу боюнча колдонуудагы жоболорго ылайык эсепке алынат. Бул процесстер мурунку билим берүү уюмунан берилген академиялык маалымкаттын (транскрипттин) негизинде дисциплиналарды которуу, кайра калыбына келтирүү же кайра аттестациялоо аркылуу жүзөгө ашырылат. ЖОЖго которулуп келген же академиялык мобилдүүлүк программалары аркылуу башка окуу жайларда билим алган студенттердин мурдагы кредиттери жана окуу жетишкендиктери ички локалдык ченемдик актыларга ылайык каралат. Бул үчүн атайын түзүлгөн комиссия студенттин мурдагы билим берүү уюмунда алган квалификацияларын, окуу мезгилдерин жана окуу натыйжаларын объективдүү, ачык-айкын жана адилеттүү таанууну камсыз кылат.<br>Квалификацияларды жана окуу натыйжаларын таануу жол-жобосу колдонуудагы эрежелерге ылайык жүргүзүлүп, төмөнкү этаптарды камтыйт:<br>• билим берүү тууралуу документтерди (диплом, академиялык транскрипт, сертификаттар) кабыл алуу жана талдоо;<br>• окуу пландарын жана жетишилген окуу натыйжаларын салыштыруу;<br>• мазмуну жана көлөмү боюнча барабар болгон учурда дисциплиналарды жана кредиттерди которуу;<br>• тиешелүү ыйгарым укуктуу органдар (кафедра, окуу-методикалык кеңеш, атайын комиссия) тарабынан акыркы чечим кабыл алуу. | Тиркеме. 2.3.1. Студенттерди которуу, кайра тургузуу, окуудан чыгаруу жөнүндө Жобо<br>Тиркеме 2.3.2 Кайра эсептелуучу дисциплиналар<br>Тиркеме 2.3.3. Протоколы аттестационной комиссии гранттык кабыл алуу<br><br>Тиркеме2.3.4.Бүтүрүүквалификациясы жөнүндө жобо<br><br>Тиркеме 2.3.5 жазуу иштерин «Антиплагиат» тутумунун жардамы менен алуулардын барлыгына текшеруу 'жургузуунун тартиби женунде ЖОБО<br>Тиркеме2.3.6. ИЛИМИЙ-ИЗИЛДОО ИШМЕРДУУЛУГУ ж е н у н д о ЖОБО |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Бул процесстин объективдүүлүгү жана ачык-айкындуулугу төмөнкү механизмдер аркылуу камсыз кылынат:<br>• окуу натыйжаларын баалоодо бирдиктүү критерийлерди колдонуу;<br>• документтерди кароо жол-жоболорунун так регламенттелиши;<br>• кабыл алынган чечимдерди милдеттүү түрдө документтештирүү;<br>• студенттерге түшүндүрмө берүү жана консультация алуу мүмкүнчүлүгүн түзүү.<br>Жыйынтыгында, квалификацияларды жана окуу натыйжаларын таануунун колдонулуп жаткан системасы билим берүү стандарттарына жана эл аралык тажрыйбага шайкеш келип, адилеттүү, ачык-айкын жана сапаттуу мамилени камсыз кылат. | Тиркеме2.3.7. ЖАЛПЫ УНИВЕРСИТЕТТИК ЖОБО Нарын мамлекеттикуииверситетинин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө |
| 2.4. | ББП жарнак жана маалымат таркатуу боюнча бирдиктүү саясатты жүргүзөт. | Кесиптик багыт берүү иштерин натыйжалуу уюштуруу үчүн университет жалпы билим берүү уюмдары, орто кесиптик окуу жайлары жана башка билим берүү мекемелери менен туруктуу жана системалуу байланыштарды түзөт. Бул байланыштар негизинен кызматташтык келишимдери, биргелешкен иш-чаралар жана маалымат алмашуу аркылуу ишке ашырылат.<br>Университет мектептер жана колледждер менен биргеликте кесипке багыт берүү иш-чараларын өткөрөт. Аларга ачык эшиктер күндөрү, мектеп бүтүрүүчүлөрү үчүн мастер-класстар, университеттин окуу корпустарына жана лабораторияларына экскурсиялар, предметтик олимпиадалар, ошондой эле ар кандай тематикалык жолугушуулар кирет. Мындан тышкары, мугалимдер жана ата-энелер менен да түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, абитуриенттерге туура кесип тандоого көмөк көрсөтүлөт.<br>Мындай кызматташтык абитуриенттин университет тууралуу кеңири маалымат алуусуна, кесиптик багытын так аныктоосуна жана келечектеги адистигин аң-сезимдүү тандоосуна шарт түзөт.<br>Университеттин кесипке багыт берүү саясаты эмгек рыногунун талаптарын талдоонун жана абитуриенттердин | Тиркеме 1.4.1. маркетингдик ишмердүүлүк жана кесиптик багыт берүү жобо<br><br>Тиркеме 2.4.2. Кесипке багыттоо иштери<br><br>Тиркеме 2.4.3. Ачык эшиктер күнү<br><br>**АЧЫК ЭШИКТЕР КҮНҮНӨ ЧАКЫРАТ.jpeg**<br><br>Тиркеме 2.4.4. Буклет абитуриенттер үчүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кызыкчылыктарын үзгүлтүксүз мониторинг кылуунун негизинде иштелип чыгат. Бул саясат кабыл алуу комиссиясынын жылдык жана стратегиялык пландары аркылуу ишке ашырылат.<br>Кесипке багыт берүү иштери пландуу түрдө жүргүзүлүп, төмөнкү негизги формаларды камтыйт: ачык эшиктер күндөрүн уюштуруу, мектеп окуучулары үчүн мастер-класстар жана олимпиадаларды өткөрүү, маалыматтык буклеттерди жана жарнамалык материалдарды таратуу, ошондой эле билим берүү көргөзмөлөрүнө жана жарманкелерге катышуу.<br>Билим берүү программасы университеттин ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтын ачыктыгын, жеткиликтүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылган бирдиктүү маалыматтык жана жарнамалык саясатты жүргүзөт. Бул саясат төмөнкү принциптерге негизделет:<br>• маалыматтын ачыктыгы жана ишенимдүүлүгү;<br>• маалыматтарды өз убагында жаңыртуу жана актуалдуулук;<br>• бардык кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүүлүк (абитуриенттер, студенттер, жумуш берүүчүлөр, коомчулук);<br>• укуктук жана этикалык нормаларды сактоо.<br>Маалыматтарды таратуу ар кандай каналдар аркылуу ишке ашырылат: расмий веб-сайт, социалдык тармактар, санариптик платформалар, басма материалдар (буклеттер, проспекттер), ошондой эле түз жолугушуулар жана иш-чаралар аркылуу.<br>Билим берүү программасы тууралуу кеңири маалымат талапкерлерге сунушталат, анын ичинде окуу программалары, кабыл алуу шарттары, билим берүү процессинин өзгөчөлүктөрү, окутуучулар курамы, материалдык-техникалык база, академиялык мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү жана бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу перспективалары.<br>Жооптуу түзүмдүк бөлүмдөр берилген маалыматтын тактыгын жана актуалдуулугун камсыз кылышат.<br>Жыйынтыгында, кесипке багыт берүү жана маалыматтык саясат университеттин оң имиджин калыптандырууга, анын | Тиркеме 2.4.5.Программа предметных олимпиад |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга жана талапкерлер үчүн жагымдуулугун арттырууга багытталган. | |

**Күчтүү жактар:**

- Маалыматтын расмий сайтта, брошюраларда жана такталарда жеткиликтүүлүгү.
- Кабыл алуу процессинин учурдагы мыйзамдарга жана жоболорго толук шайкештиги.
- Бардык абитуриенттер үчүн бирдиктүү эрежелердин жана рейтингдик системанын болушу.
- Жеке окуу траекториясын түзүү жана факультативдик курстарды тандоо мүмкүнчүлүгү.
- Кредиттерди таануу жана өнөктөш окуу жайлар менен иштешүү системасынын бар экендиги.
- Жумуш берүүчүлөр менен түз байланыш жана стажировкалардын уюштурулушу.
- Чечимдердин жеке адам тарабынан эмес, атайын комиссия тарабынан кабыл алынышы.
- Ишенимдүүлүк, актуалдуулук жана этикалык ченемдердин саясаттын негизи катары алынышы.
- Маалыматтын тактыгына көз сала турган атайын бөлүмдөрдүн бар экендиги.

**Алсыз жактар :**

- Студенттердин баары эле мобилдүүлүк же гранттык программалар тууралуу өз убагында кабардар болбой калуу тобокелдиги.
- Эл аралык мобилдүүлүк үчүн студенттердин тил билүү деңгээлинин жетишсиздиги.
- Маалымат өтө көп болгон учурда абитуриент үчүн эң маанилүүсүн табуу кыйындашы мүмкүн.

**Сунуштар:**

- Кабыл алуу процессин толук санарип форматка өткөрүү (Электрондук кезек, онлайн консультация).
- Программанын артыкчылыктарын социалдык медиа аркылуу жайылтуу менен абитуриенттердин санын көбөйтүү.
- Карьералык портфолио жана мобилдүүлүк үчүн атайын онлайн платформаларды ишке киргизүү.

- Эл аралык университеттер жана транс-улуттук компаниялар менен байланышты кеңейтүү.
- Бүтүрүүчүлөр менен байланышты күчөтүп, аларды ментор катары тартуу.
- Социалдык тармактарда конкреттүү аудиторияга (мисалы, мектеп бүтүрүүчүлөрүнө) багытталган жарнаманы күчөтүү.
- Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтери тууралуу видео-интервьюларды, виртуалдык турларды көбөйтүү.
- Активдүү студенттерди программанын "жүзү" катары тартуу менен ишенимди арттыруу.

## СТАНДАРТ 3. «ОКУУЧУГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ АЛУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО»

**Киришүү**

Инсанга багытталган окутуу, үйрөтүү жана баалоо билим берүү процессинин борборуна ар бир окуучунун уникалдуулугун, анын муктаждыктарын, тажрыйбасын жана өнүгүү темпин коёт. Билимди трансляциялоодон өзүн-өзү ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө, студенттин субъективдүү позициясын калыптандырууга жана өзүн-өзү өнүктүрүүнү стимулдаштыруу үчүн калыптандыруучу баалоону колдонууга өтүү маанилүү деп эсептелет. Бул ыкманын максаты – өз алдынча, жоопкерчиликтүү, өзүн-өзү аныктоого жана өзүн-өзү тастыктоого жөндөмдүү инсанды тарбиялоо.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Каралууга тийиш болгон маселелер | Көмөкчү материалдардын тизмеси жана тастыктоочу документтер |
|---|---|---|---|
| 3.1. | ББП педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн окуучулардын үзгүлтүксүз кайтарым байланышын колдонот. | Окутуунун педагогикалык ыкмаларынын натыйжалуулугун талдоо максатында студенттерден кайтарым байланыш алуу системалуу жана көп тараптуу негизде уюштурулат. Бул процесс билим берүү сапатын үзгүлтүксүз жакшыртууга багытталган маанилүү механизм болуп эсептелет.<br>Студенттер менен пикир алышуу формалдык сурамжылоолордун, оозеки талкуулардын, фокус-топ жолугушууларынын, ошондой эле санариптик инструменттердин (мисалы, Google Form платформасы) айкалышы аркылуу жүргүзүлөт. Мындай ыкмалар студенттердин окутуунун мазмуну, | Тиркеме3.1.1.<br>Буйрук мониторинг<br><br>Тиркеме. 3.1.2. 1-курстардын адаптациясы<br>Тиркеме 3.1.2а. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | колдонулган педагогикалык методдор жана билим берүү шарттары боюнча объективдүү пикирлерин чогултууга мүмкүнчүлүк берет.<br>Университетте кайтарым байланыш окуу процессинин бардык этаптарында ишке ашырылып, маалыматтарды чогултуу анкеталык сурамжылоолор, кафедра жана факультет деңгээлинде өткөрүлгөн жыйындар, ошондой эле студенттик өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жүргүзүлөт. Бул маалыматтар системалуу түрдө талданып, алардын негизинде билим берүү программаларынын мазмуну, окутуунун формалары, педагогикалык ыкмалар жана колдонулуп жаткан технологиялар бааланып, тиешелүү жакшыртуулар киргизилет.<br>Мындан тышкары, билим берүүнүн учурдагы формаларын жана технологияларын баалоонун жыйынтыктары окутуучулар тарабынан EBILIM электрондук системасына өз убагында киргизилип, экзаменациялык ведомосттордогу аралык контролдун жыйынтыктары менен интеграцияланат. Ошондой эле студенттердин сабакка катышуусу аталган система аркылуу үзгүлтүксүз мониторингден өтүп, алардын академиялык жетишкендиктерин комплекстүү баалоодо эске алынат.<br>Анкеталык сурамжылоолордун жыйынтыктары көрсөткөндөй, студенттер окутуунун инновациялык технологияларын колдонгон окутуучулардын ишмердүүлүгүн жогору баалашат. Кошумча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде бул технологиялардын натыйжалуулугу талданып, алынган жыйынтыктар кафедралык жыйындарда талкууланат.<br>Мындай иш-чаралар алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жайылтууга, окутуучулар ортосунда тажрыйба алмашууну күчөтүүгө жана жалпы билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.<br>Жыйынтыгында, кайтарым байланыш механизминин натыйжалуу иштеши окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга, студентке багытталган окутууну өнүктүрүүгө жана билим берүү сапатын туруктуу жакшыртууга шарт түзөт. | сурамжылоонын жыйынтыгы<br><br>Тиркеме 3.1.3. Бутүрүүчүлөргө сурамжылоо<br><br>Тиркеме 3.1.4 Практика боюнча анонимдүү сурамжылоо<br><br>Тиркеме 3.1.5. Студенттердин окуу процесс сурамжылоо<br><br>Тиркеме 3.1.6. Студенттердин жеке кызыкчыларын<br><br>Тиркеме 3.1.7. **https://ebilim.nsu.kg/** |
| 3.2. | ББП баалоонун критерийлеринин жана методдорунун, | Студенттердин көндүмдөрдү өздөштүрүүсүн баалоо ыкмалары төмөнкү түрлөрдү камтыйт: аралыктык, учурдагы жана жыйынтыктоочу. Ар бир модулдан (теориялык дисциплинадан) кийин студенттер экзамен | Тиркеме 3.2.1. Коррупцияга каршы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | контролдоонун күтүлүп жаткан түрлөрүнүн, баалоонун натыйжаларына апелляция берүү жол-жоболорунун жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылат. | тапшырышат. Студенттер, алардын ата-энелери жана коомчулук НМУнун сайтына кирип, керектүү маалыматты ар дайым ала алышат. Каалаган адам: студент, ата-эне интернет аркылуу Ebilim маалыматтык системасына кирип, керектүү студенттин окуусу, жетишкендиги, контракттын төлөнүшү, сабактардын графиги жана катышуусу, ошондой эле башка маалыматтар жөнүндө учурдагы маалыматты ала алат. Студенттер реалдуу убакыт режиминде окуусунун жыйынтыгын көрүп, модулдук рейтингдерди жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү тапшыруу процессин байкай алышат. НМУда окуунун жыйынтыктарын баалоо саясаты жана жол-жобосу бул жааттагы ченемдик актылардын жоболоруна ылайык жүргүзүлөт.<br>Баалоонун критерийлери жана ыкмалары студенттерге окуу процесси башталганга чейин жеткирилет. Бул маалыматтар силлабустарда, окуу-методикалык комплекстерде, университеттин расмий сайтында жана электрондук платформаларда (Ebilim системасы) жайгаштырылат. Окутуучулар ар бир дисциплина боюнча баалоо талаптарын сабактын алгачкы этаптарында түшүндүрүп беришет.<br>Баалоо процедурасынын ачыктыгы бир нече механизмдер аркылуу камсыздалат:<br>• баалоо критерийлеринин алдын ала белгилениши жана жеткиликтүүлүгү;<br>• студенттердин жетишкендиктерин Ebilim маалыматтык системасында реалдуу убакыт режиминде чагылдыруу;<br>• модулдук жана жыйынтыктоочу баалардын ачык жарыяланышы;<br>• бардык кызыкдар тараптар (студенттер, ата-энелер, коомчулук) үчүн маалыматтын жеткиликтүүлүгү.<br>Студенттер өздөрүнүн академиялык жетишкендиктерин, сабакка катышуусун жана рейтингдерин онлайн режимде көзөмөлдөй алышат.<br>Студент баалоо жыйынтыгы менен макул болбогон учурда белгиленген мөөнөттө факультеттин деканатына жазуу жүзүндө арыз менен кайрыла алат. Арыздын негизинде университетте түзүлгөн апелляциялык комиссия ишти карап чыгат. | аракеттенүү комиссиясы жөнүндө Жобо<br><br>Тиркеме 3.2.1.а Академиялык чынчылдык<br><br>Тиркеме 3.2.2. Аппеляция жөнүндө Жобо<br><br>Тиркеме 3.2.3. Студенттердин билимин модулдук-рейтингдик баалоо система жөнүндө Жобо<br><br>Тиркеме 3.2.4. «Академиялык кредитти колдонуу менен окуу процессин уюштуруу жөнүндө Жобо 2025 ж,<br><br>Тиркеме 3.2.5.ebilim<br><br>Тиркеме 3.2.6. Ишеним кутучасы<br><br>Тиркеме 3.2.7. Кулактандыруу доскасы<br><br>Тиркеме 3.2. 8. Курстук ишти жүргүзүү боюнча жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Апелляциялык комиссия студенттин ишин, баалоо материалдарын жана коюлган баанын негиздүүлүгүн объективдүү түрдө кайра талдап чыгып, тиешелүү чечим кабыл алат.<br>Студенттер баалоонун жыйынтыгына даттанууга укуктуу. Бул үчүн алар расмий түрдө арыз жазып, деканат же тиешелүү бөлүм аркылуу апелляциялык комиссияга кайрылышат. Даттануу процесси ачык-айкын жана регламентке ылайык жүргүзүлөт.<br>Студенттердин арыздары белгиленген тартипте катталып, тиешелүү мөөнөттөрдө каралат. Ар бир кайрылуу мазмунуна жараша тиешелүү структуралык бөлүмдөргө жөнөтүлүп, жыйынтыгы боюнча студентке расмий жооп берилет.<br>Мындан тышкары, университеттин расмий сайтында ректордун байланыш маалыматтары жана «Коррупцияга жол жок» атайын бөлүмү жайгаштырылып, студенттерге жана башка кызыкдар тараптарга түз кайрылуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.<br>Студенттердин арыздарын кароо үчүн факультеттин деканаты, тиешелүү кафедралар, ошондой эле зарыл болгон учурда атайын комиссиялар (апелляциялык комиссия, тартиптик комиссия ж.б.) жооп берет.<br>Чечимдер коллегиалдуу негизде, ченемдик актыларга жана белгиленген критерийлерге ылайык кабыл алынат. Кароо процессинде объективдүүлүк, ачык-айкындуулук жана адилеттүүлүк принциптери сакталат.<br>Билимди баалоо системасынын так уюштурулушу, анын ачыктыгы жана даттануу механизмдеринин болушу билим берүү процессинин сапатын камсыз кылууга жана студенттердин укуктарын коргоого багытталган. | Тиркеме 3.2.9. СРС боюнча жобо<br><br>Тиркеме 3.2.10.«Положение об организации учебного процесса по кредитной технологии» 2025 г,<br><br>Тиркеме3.2.11.Положение о модульно-рейтинговой системе,<br><br>Тиркеме 3.2.12. положение об апеляции |
| 3.3. | ББП билим алуучулардын окуусун таштап кетүү себептерине дайыма талдоо жүргүзүт, алардын окуудагы жетишкендиктери жана бекемделиши боюнча чараларды көрөт. | НМУда студенттердин контингентин сактоо жана алардын кыймылын (кабыл алуу, которулуу, окуудан чыгарылуу) көзөмөлдөө системалуу негизде жүргүзүлөт. Ар бир семестрдин аягында сессиянын жыйынтыгы чыгарылып, студенттердин академиялык жетишкендиктери талданат. Психологиялык кызмат иштейт. Тиркеме 3.3.3. Көйгөйлөрдү чечүү планы боюнча жеке психологиялык консультациялар, кошумча сабактар, педагогикалык колдоого муктаж болгондорго жардам көрсөтүлөт.<br>Сессиянын жыйынтыктары кафедра жана факультет кеңештеринин жыйындарында каралып, студенттердин окуудагы жетишпестиктеринин жана | Тиркеме 3.3.1. Билим денгээлин текшерүүнүн жыйынтыктары<br><br>Тиркеме. 3.3.2. Анализ отсева студентов<br><br>Тиркеме 3.3.3. Психологиялык жардам |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окуудан чыгарылышынын негизги себептери аныкталат. Мындай себептерге үй-бүлөлүк жагдайлар, башка жогорку окуу жайга которулуу, материалдык кыйынчылыктар, университет менен байланыштын үзүлүшү жана башка факторлор кирет.<br>Анализдин жыйынтыгында окуудан чыгарылган студенттер арасында эң көп кездешкен себептер төмөнкүлөр болуп саналат:<br>• үй-бүлөлүк абалдын өзгөрүшү;<br>• өз каалоосу менен окуудан чыгуу;<br>• каржылык кыйынчылыктар.<br>Бул маалыматтар системалуу түрдө жыйналып, талданып, кийинки алдын алуу иштерин пландаштырууда колдонулат. Педагогика факультетинде ата-энелердин WhatsApp web группасы түзүлгөн. Анда ата-энелер менен студенттердин жетишкендиктери тууралуу маалыматтар берилип турат.<br>Студенттердин окуудан чыгарылышын алдын алуу жана алардын академиялык жетишкендиктерин жогорулатуу максатында университетте бир катар уюштуруучулук жана колдоочу чаралар ишке ашырылат.<br>Деканат тарабынан студенттерди өз убагында маалыматтандыруу, жеке түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана ар бир студент менен жекече иш алып баруу уюштурулат. Айрыкча, төлөм маселелери боюнча кыйынчылыктар жаралган учурда студенттер менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, мүмкүн болгон чечүү жолдору (төлөмдү бөлүп төлөө, мөөнөтүн узартуу ж.б.) сунушталат.<br>Мындан тышкары, ар бир семестрден кийин студенттердин окуудан четтетилишинин себептери терең талданып, анын негизинде тиешелүү иш-чаралар планы иштелип чыгат. Бул процесске университеттин психологиялык кызматы да активдүү катышат.<br>Психологиялык кызмат тарабынан студенттерге жеке консультациялар берилип, алардын окууга болгон мотивациясын жогорулатуу, стрессти жеңүү жана социалдык адаптация маселелери боюнча жардам көрсөтүлөт. Ошондой эле педагогикалык колдоого муктаж студенттер үчүн кошумча сабактар, консультациялар жана индивидуалдык иш алып баруу уюштурулат.<br>Мындай комплекстүү чаралар студенттердин окуудагы ийгилигин жогорулатууга, окуудан чыгып кетүү коркунучун азайтууга жана билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга багытталган. | Тиркеме 3.3.4.Жекече иш план студент<br><br>Тиркеме 3.3.5. Статистические данные об изменениях показателей отсева и успеваемости |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Педагогикада анализ боюнча жалпы четтөө (отсев) көрсөткүчү 12,5% (*232 студенттин ичинен 29 студент чыгарылган*). Бул эң төмөнкү көрсөткүч болуп эсептелет, бул багыттын жогорку суроо-талапка ээ экенин же окутуу шарттарынын кыйла ийкемдүү экенин көрсөтөт. Тиркеме 3.3.5.<br>Педагогикалык багыт университеттин «өзөгү» болуп саналат, анткени бул жерде студенттердин четтөө деңгээли эң төмөн жана бүтүрүүчүлөрдүн саны эң көп. | |
| 3.4. | ББП билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу жана жеке окуу траектория-ларын, академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын пайдалануу менен ишке ашырылат. | Билим берүү программасы студенттердин ар кандай топторунун билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен иштелип чыгат. Бул максатта дисциплиналардын жумушчу программалары студенттердин индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнө ылайык түзүлөт.<br>Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн алардын психофизикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен мазмуну, окуу мөөнөтү жана окутуу ыкмалары ылайыкташтырылган (адаптацияланган) билим берүү программалары каралат. Ал эми таланттуу студенттер үчүн алардын кызыкчылыктарына, жөндөмдүүлүктөрүнө жана билим берүү муктаждыктарына жараша жекече билим берүү маршруттары сунушталат.<br>Ошондой эле дифференцияланган окутуу ыкмалары колдонулуп, ар кандай татаалдык деңгээлиндеги тапшырмалар берилет. Инклюзивдүү билим берүү принциптерине ылайык тоскоолдуксуз (жеткиликтүү) чөйрө түзүлөт. Бул процессте академиялык кеңешчилер, кураторлор жана психологдор студенттерге туруктуу колдоо көрсөтүшөт.<br>Университетте студенттерге жеке окуу траекториясын түзүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөр берилет. Бул үчүн ийкемдүү окуу пландары, тандоо дисциплиналары жана кошумча курстар сунушталат. Студенттер өз кызыкчылыктарына жана кесиптик багытына ылайык окуу процессин пландаштыра алышат.<br>Академиялык мобилдүүлүк программалары ички (өлкө ичинде) жана тышкы (эл аралык) деңгээлде ишке ашырылат. Мобилдүүлүк алмашуу программалары, келишимдер жана өнөктөш окуу жайлар менен кызматташтык аркылуу уюштурулат. Жол-жоболор тиешелүү ченемдик актылар менен жөнгө салынат жана студенттердин окуу натыйжаларын таанууну камсыз кылат. | Тиркеме 3.4.1. Адаптациялоо программасы<br><br>Тиркеме. 3.4.1. Студенттердин муктаждыктарын аныктоо жонундо сурамжылоо жыйынтыгы<br><br>Тиркеме 3.4.2. Программы, расписания курсов и консультаций<br><br>Тиркеме 3.4.3. Сведения использование ресурсов электронного обучения и дистанционных технологий<br><br>Тиркеме 3.4.4. Документы подтверждающие о реализации |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Студенттерге төмөнкү мүмкүнчүлүктөр сунушталат:<br>• тандоо дисциплиналарын өз алдынча тандоо;<br>• жеке окуу планын түзүү;<br>• кошумча билим берүү курстарына катышуу;<br>• академиялык кеңешчилердин жардамы менен окуу процессин пландаштыруу;<br>• илимий-изилдөө иштерине катышуу.<br>Бул мүмкүнчүлүктөр студенттин жеке өнүгүүсүнө жана кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган.<br>Университет студенттерге ар кандай академиялык мобилдүүлүк программаларын сунуштайт. Аларга өнөктөш жогорку окуу жайлар менен алмашуу программалары, кыска мөөнөттүү окуу жана стажировка программалары кирет. Бул программалар студенттердин билим деңгээлин кеңейтүүгө жана эл аралык тажрыйба алууга шарт түзөт.<br>Мындан тышкары, студенттерге консультациялык, психологиялык, методикалык жана маалыматтык кызматтар көрсөтүлөт.<br>Бул формалар студенттерге ийкемдүү жана жеткиликтүү билим алууга мүмкүнчүлүк берет.<br>Билим берүү процессин натыйжалуу уюштуруу жана көзөмөлдөө максатында университетте заманбап маалыматтык система (мисалы, Ebilim) киргизилген. Бул система аркылуу студенттер окуу жетишкендиктерин, сабактардын графигин, катышуусун жана башка академиялык маалыматтарды реалдуу убакыт режиминде көзөмөлдөй алышат. | академической мобильности<br><br>Тиркеме 3.4.5. Система ebilim |
| 3.5. | ББП окуу жүктөмүнө, билим алуучулардын жетишкендиктерине жана бүтүүсүнө, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг жүргүзөт. | Билим берүү программалары (ББП) ички локалдык ченемдик актыларга ылайык иштелип чыгат жана мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандартынын (МЖКББС) талаптарына негизделет. МЖКББС билим берүү программаларын иштеп чыгууда, ишке ашырууда жана алардын сапатын баалоодо негизги ченемдик база болуп эсептелет.<br>ББПны иштеп чыгууда педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы негизги кесиптик стандарттарды, эмгек рыногунун талаптарын жана иш берүүчүлөрдүн сунуштарын эске алышат. Программанын мазмуну бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн | Тиркеме 3.5.1. НББПсын иштеп чыгуу жөнүндө Жобо.<br><br>Тиркеме 3.5.2. ББПсын мониторинг жыйынтыгы<br><br>Тиркеме 3.5.3 Студенттердин билим |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | түрлөрүнө ылайык аныкталып, академиялык жана өндүрүштүк чөйрөнүн муктаждыктарына жооп берет.<br>Билим берүү программалары үч жылда бир жолу комплекстүү кайра каралып, ал эми окуу пландары жыл сайын эмгек рыногунун талдоосу жана стейкхолдерлердин сунуштарынын негизинде жаңыланат. Жаңылоо процесси Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.<br>Окуу жүктөмүнө мониторинг системалуу негизде жүргүзүлөт жана төмөнкү көрсөткүчтөрдү камтыйт: окуу планынын стандарттарга шайкештиги, сабакка катышуу, студенттердин академиялык жетишкендиктери жана окутуучулардын иш жүктөмү.<br>Мониторинг төмөнкү ыкмалар аркылуу ишке ашырылат:<br>• окуу процессине түз байкоо жүргүзүү;<br>• электрондук журналдар (Ebilim системасы) аркылуу автоматташтырылган эсепке алуу;<br>• тестирлөө жана сурамжылоолор;<br>Бул маалыматтар үзгүлтүксүз талданып, окуу процессин оптималдаштырууга колдонулат.<br>Студенттердин академиялык жетишүүсүнө мониторинг жүргүзүү ар бир студенттин окуу динамикасын баалоого багытталган. Бул процесс үзгүлтүксүз маалымат чогултуу жана талдоо аркылуу ишке ашат.<br>Негизги ыкмалар:<br>• модулдук жана жыйынтыктоочу баалоо;<br>• тестирлөө жана сурамжылоо;<br>• электрондук журналдар аркылуу автоматтык баалоо;<br>Экзамендик сессиялардын жыйынтыгы Ebilim системасы аркылуу талданып, студенттердин рейтингдери түзүлөт.<br>Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношушуна мониторинг жүргүзүү билим берүү программаларынын натыйжалуулугун баалоонун маанилүү багыты болуп саналат.<br>Мониторинг төмөнкү ыкмалар менен жүргүзүлөт:<br>• бүтүрүүчүлөр арасында анкета жүргүзүү;<br>• иш берүүчүлөрдөн сурамжылоо алуу; | сапаты боюнча жыйынтык факультет 5жыл<br><br>Тиркеме 3.5.4.Жумуш менен камсыз болушу мониторинг 5 жылдык<br><br>Тиркеме 3.5.5. НМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы<br><br>Тиркеме 3.5.6. Бүтүрүүчүлөр үчүн сурамжылоо жыйынтыгы<br><br>Тиркеме 3.5.7. сайт НМУ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • мобилдик жана санариптик платформалар аркылуу маалымат чогултуу;<br>Бүтүрүүчүлөр окууну аяктагандан кийин дароо жана 3–6 ай өткөн соң кайрадан сурамжылоого тартылат. Бул алардын иш менен камсыз болушунун туруктуулугун аныктоого мүмкүндүк берет.<br>НМУда “НМУнун бүтүрүүчүлөр ассоциациясы” 2007-жылы түзүлүп, 2021-жылы кайра каттоодон өткөн. Бирикме университет менен бүтүрүүчүлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоого багытталган.<br>Бирикменин негизги багыттары:<br>• бүтүрүүчүлөр менен университеттин байланышын сактоо жана өнүктүрүү;<br>• таланттуу студенттерди колдоо;<br>• ишке орношууга көмөк көрсөтүү;<br>• университеттин салттарын өнүктүрүү;<br>• студенттер, бизнес жана мамлекеттик органдар ортосунда байланыш түзүү.<br>Бүтүрүүчүлөр бирикмеси туруктуу негизде иш алып барат. Жыл сайын “Бүтүрүүчүлөр күнү” өткөрүлөт, ошондой эле тематикалык жолугушуулар, тегерек столдор жана конок лекциялар уюштурулат. Санариптик байланыш (мессенджер топтору) үзгүлтүксүз жүргүзүлөт.<br>Ийгиликтүү бүтүрүүчүлөр студенттер үчүн мастер-класстарды жана мотивациялык жолугушууларды өткөрүшө.<br>Билим берүү процессин башкаруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн Ebilim маалыматтык системасы колдонулат. Бул система аркылуу студенттер өз жетишкендиктерин, катышуусун, окуу графигин жана рейтингдерин реалдуу убакыт режиминде көрө алышат.сайт НМУ | |

***Күчтүү жактары:***

1. 550700 ""Педагогика"   багыты боюнча билим берүү программасын өркүндөтүү максатында НМУнун эки альтернативдүү электрондук билим берүү порталы "Ебилим" жана Moodle колдонулат;
1. Ийкемдүү, инсанга багытталган окутуу факультеттин сайтында, ошондой эле "Колдонмо математика жана информатика" кафедрасынын тышкы жана ички сайттарында активдүү байкалат.

2. Окуу-методикалык ресурстар, педагогикалык методдор, формалар жана жаңы маалыматтык технологиялар өркүндөтүлүп, иштин жыйынтыктары кафедранын сайтында жарыяланат.
3. Студенттердин жогорку окуу жайларынын алдыңкы окумуштуулары жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар тармагында иштеген ишканалардын жана фирмалардын өкүлдөрү чыгып сүйлөгөн илимий-практикалык семинарларга жана конференцияларга дайыма катышуу мүмкүнчүлүгү бар.

***Алсыз жактары:***

1. Интерактивдүү доска offline режиминде начар колдонулат, online режиминде окуу процессинде инновациялык окуу-методикалык материалдарды жана видео-ресурстарды эффективдүү колдонууга мүмкүндүк берүүчү видеокурстар жетишсиз.

***Мүмкүнчүлүктөр***:

1. Кафедранын атайын дисциплиналары боюнча видеолекцияларды иштеп чыгуу.

***Коркунучтар:***

1. Окутуунун заманбап каражаттарын сатып алууга каржылоонун жоктугу.

## СТАНДАРТ 4. «ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ОКУУ-КӨМӨКЧҮ ПЕРСОНАЛ»

**Киришүү**

НМУ окутуучулардын компетенттүүлүгү аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыздайт, персоналды жалдоо жана өнүктүрүү боюнча адилеттүү, ачык-айкын процесстерди колдонот. Окутуучулардын квалификациясы БПнын максаттарына жана муктаждыктарына жооп берет. Окутуучулар окуу программаларын аткаруу үчүн билими, жөндөмү жана көндүмдөрү бар. Окутуучуларды жалдоо, аттестациялоо, өнүктүрүү жана карьералык өсүү так жана адилеттүү механизмдердин негизинде ишке ашырылат. Окутуучулар курамы ишке ашырылып жаткан программалардын максаттарына ылайык келген компетенцияларга ээ болгон адистерден түзүлөт. НМУ окутуучулардын квалификациясын жогорулатууну уюштурат, окутуучулардын үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн камсыздайт. Мындай комплекстүү мамиле билим берүү процессинин зарыл болгон сапат стандарттарына жооп беришин кепилдейт.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Каралууга тийиш болгон маселелер | Көмөкчү материалдардын тизмеси жана тастыктоочу документтер |
|---|---|---|---|
| 4.1. | Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана эмгек мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келет. | "Педагогика" ББП кадрдык курамы КР мыйзамдарына жана жогорку окуу жайларынын илимий-педагогикалык кызматкерлеринин кызмат орундарын конкурстук алмаштыруу эрежелерине ылайык толукталган.<br>"Педагогика" негизги билим берүү программасы (ББП) боюнча билим берүү процессин камсыз кылган окутуучулардын жалпы саны 26 адамды түзөт. Илимий даражасы жана/же илимий наамы бар окутуучулардын саны 14 адамды түзөт, ал эми штаттык окутуучулардын үлүшү – 24 адам.<br>Социалдык-гуманитардык циклдин дисциплиналарын 7 окутуучу алып барат, алардын ичинен 3ү илимдин кандидаты, башкача айтканда, илимий даражасы бар окутуучулардын үлүшү – 42,86%.<br>Математикалык жана табигый-илимий циклде 5 окутуучу иштейт, алардын ичинен 2 илимдин кандидаты, башкача айтканда, илимий даражасы бар окутуучулардын үлүшү – 40%.<br>Кесиптик циклде 10 окутуучу иш алып барат, алардын ичинен, 7 илимдин кандидаты, башкача айтканда, илимий даражасы бар окутуучулардын үлүшү – 70%. Бул негизги билим берүү программасы боюнча билим берүү процессин камсыз кылган | Тиркеме 4.1.1. С.Нааматов ат. НМУнун ПОК кызмат ордуларын ээлөө тартиби жөнүндө Жобо<br><br>Тиркеме 4.1.2. Штаттык расписание<br><br>Тиркеме 4.1.3. Окутуучулардын резюмеси<br><br>Тиркеме 4.1.4. Форма о кадровой обеспеченности кафедры |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окутуучулардын жалпы санынын ичинен илимдин кандидаты даражасына ээ болгон окутуучулардын үлүшү 51,85% түзөт.<br>Билим берүү программасынын профессордук-окутуучулук курамы боюнча кеңири маалыматтар топтолуп, таблицага киргизилген (Тиркеме 4.1.4.). Сапаттык курамы боюнча билим берүү программасы лицензиялык талаптарга жооп берет 70% камсыз болгон. (Тиркеме 4.1.4. ).<br>Ар бир коллектив мүчөсүнүн укуктары жана милдеттери кызматтык нускамаларда жайгаштырылган, жумушка кабыл алууда ар бир жаңы кызматкерге университеттин кадрдык саясаты түшүндүрүлөт. НМУ жумушка алуу үчүн объективдүү жана ачык-айкын процесстер менен катар кызматкерлердин кесиптик өсүшүнө жана өнүгүүсүнө да көмөктөшөт.<br>"Педагогика" "БПнын штаттык кызматкерлеринен тышкары өндүрүштүк ишканалардын жана кесиптик уюмдардын адис-практиктери тартылат. "Педагогика" ББПнын алкагында өндүрүштүн алдыңкы адистеринин конок лекцияларынын институту кеңири колдонулат. НМУнун 2025-2026-окуу жылына карата штаттык ыраттамасына ылайык, "Педагогика" " ББПда бакалаврларды даярдоо боюнча ББПнын окуу дисциплиналарын жүргүзүү үчүн штаттык профессордук-окутуучулук курамдын 70% тартылган.<br>550700 "Педагогика" багыты боюнча бакалаврларды окутуу үчүн ППСтин сапаттуу курамы 70% түзөт, башкача айтканда 7 окутуучунун илимий даражасы жана наамы бар. 2025-2026-окуу жылына карата 550700 "Педагогика" негизи билим берүү программасынын (кафедрасынын) кадрдык камсыздоосу жөнүндө маалыматтар сайтта "Аккредитация" бөлүмүндө: кадрдык камсыздандыруу жөнүндө маалыматтар шилтемеси боюнча жайгаштырылган<br>Университет окутуучулардын кесиптик өсүшүнө шарт түзөт: квалификацияны жогорулатуу курстары, илимий ишмердүүлүк жана конкурстук негизде кызматтык жогорулоо мүмкүнчүлүктөрү каралган. | Тиркеме 4.1.4. Кач.состав кафедры<br><br>Тиркеме 4.1.5 Кафедранын түзүмдүн сапаты боюнча мониторинги |
| 4.2. | ББПда педагогдорду тандоо, мотивациялоо жана бекитүү үчүн, ошондой | НМУда профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик деңгээлин жогорулатуу системалуу түрдө жүргүзүлөт жана университеттин стратегиялык өнүгүү багыттарына шайкеш келет. Кадрдык саясат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана конкурстук негизде кызмат орундарын алмаштыруу эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.<br>Квалификацияны жогорулатуу төмөнкү формаларда ишке ашырылат: | Тиркеме 4.2.1 План и отчет повышения квалификации ППС, УВП (дипломы, сертификаты |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | эле педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн шарттар түзүлдү. | • кыска мөөнөттүү курстар жана тренингдер (санариптик технологиялар, инновациялык педагогика);<br>• илимий-практикалык конференциялар жана семинарлар;<br>• стажировкалар жана ЖОЖдор аралык тажрыйба алмашуу;<br>• өз алдынча окутуу жана онлайн билим алуу.<br>Бул иш-чаралар үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, сертификаттоо жана ички мониторинг системасы аркылуу көзөмөлдөнөт.<br>Профессордук-окутуучулук курамдын структурасы заманбап билим берүү талаптарына ылайык ийкемдүү уюштурулган. Курамда илимий даражасы бар окутуучулар менен катар практик адистер да бар, бул теория менен практиканын байланышын камсыз кылат.<br>Окутуучулардын ишмердүүлүгү рейтингдик система аркылуу бааланат. Баалоодо илимий эмгектер, окутуунун сапаты, инновациялык ыкмаларды колдонуу жана коомдук ишмердүүлүк эске алынат. Натыйжаларга жараша стимулдаштыруу жана сыйлоо чаралары колдонулат.<br>Профессордук-окутуучулук курам үчүн академиялык мобилдүүлүк программалары ишке ашырылат. Окутуучулар өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдө стажировкадан өтүп, конференцияларга катышып, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды өздөштүрүшөт.<br>Академиялык мобилдүүлүк жана тажрыйба алмашуу өнөктөш жогорку окуу жайлар жана илимий уюмдар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде жүргүзүлөт. Окутуучулар конференциялар, семинарлар жана биргелешкен долбоорлор аркылуу кызматташат.<br>Академиялык мобилдүүлүк төмөнкү натыйжаларды берет:<br>• окутуунун сапатынын жогорулашы;<br>• жаңы педагогикалык технологияларды киргизүү;<br>• билим берүү программаларын жаңылоо;<br>• эл аралык тажрыйбаны интеграциялоо.<br>Билим берүү программасынын жетекчилиги окутуучулардын өнүгүүсүнө төмөнкү жолдор менен колдоо көрсөтөт:<br>• квалификацияны жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү;<br>• илимий ишмердүүлүктү колдоо;<br>• рейтинг жана сыйлык системасы; | Тиркеме 4.2.2. Соглашения об обмене профессорско-преподавательским составом<br><br>Тиркеме 4.2.3. Свидетельства мотивации преподавателей:<br><br>Тиркеме 4.2.4. Стратегии развития НГУ<br><br>Тиркеме 4.2.5. Золотая кафедра<br><br>Тиркеме 4.2.6. Устав НГУ Правилами конкурсного замещения должностей ППС.<br><br>Тиркеме 4.2.7.ДЕМ ВЕРҮҮЧҮ мунездегу телемдерду жургузуунун тартиби<br><br>Тиркеме 4.2.8. ППСтин рейтинги буйрук<br><br>Тиркеме 4.2.9.Улуттук тренерлер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • методикалык жана уюштуруучулук жардам.<br>Окутуу процессинде инновациялык ыкмалар жана санариптик технологиялар активдүү колдонулат. Окутуучулар автордук методикалык материалдарды иштеп чыгып, заманбап окутуу каражаттарын пайдаланат. Силлабустар, электрондук окуу китептери.<br>*Жыл сайын* университетте билим берүүнүн актуалдуу маселелери, кредиттик технологияларды жана инновациялык окутуу методдорун колдонуу боюнча семинарлар, тренингдер, конференциялар жана тегерек столдор уюштурулат (Тиркеме 4.3). Курстарды уюштурууда жаңы мамлекеттик стандарттардын жана билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук актылардын талаптары эске алынат.<br>Мугалимдерди жана педагогикалык кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу боюнча ар бир мугалим өз билимин өнүктүрүү боюнча ар түрдүү курстарга өз алдынча жана пландуу көрсөткүч менен жазылышат. ар бир окуу жылында мугалимдер боюнча анализ жүргүзүлөт.<br>ППСтин кадрдык потенциалы НМУнун Өнүгүү стратегиясына, ББПнын өзгөчөлүгүнө ылайык келет жана НМУнун Уставына жана КР мыйзамдарына, , ППСтин кызмат орундарын конкурстук алмаштыруу эрежелерине ылайык толукталган.<br>Кафедранын окутуучулары жемиштүү жана чыгармачыл эмгеги үчүн дайыма сыйланып, ардак грамоталар жана акчалай сыйлыктар менен белгиленип турушат. Маселен, кафедра 2016–2017-окуу жылында «“Золотой фонд отечественной науки”» улуттук программасынын алкагында Россиянын Табигый илимдер академиясынын «**Алтын кафедра**» диплому менен сыйланган.<br>“Эң мыкты окуу-методикалык комплекси” конкурсунан ийгиликке жетишкен. НМУда педагогикалык кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу, мотивациясын жогорулатуу жана кызматкерлерди стимулдаштыруу максатында рейтинг жана сыйлык берүү системасы иштейт. Стимулдаштыруу механизмдер эмгек келишиминде, кызматкерлердин эмгек акысы жана башка төлөмдөр жөнүндө жободо жана НМУнун сыйлыктары жөнүндө жободо чагылдырылган.<br>Окутуучулардын академиялык жетишкендиктери, илимий изилдөөлөрү жана чыгармачылык активдүүлүгү жогорку окуу жайдын администрациясы тарабынан туруктуу колдоого алынат. Алардын активдүүлүгү илимий конференцияларга катышуусу, ошондой эле мекеме тарабынан аныкталган журналдарда жыл сайын | Тиркеме 4.2.10. Рейтингдин протоколу<br><br>Тиркеме 4.2.11.. награды<br><br>Тиркеме 4.2.12 Жобо .SCOPUS, Web of Science<br><br>Тиркеме 4.2.13 Сыйлыктардын фото ссылка<br><br>Тиркеме 4.2.14 8 мектеп дуальное обучение студенттер<br><br>Тиркеме 4.2.15мастер класстар Жолдош агай, Илмира эже, Гулжамал<br><br>Тиркеме 4.2.16. Сертификат анг.тил |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | белгиленген сандагы илимий макалаларынын жарыяланышы жана улуттук, эл аралык конференциялардагы баяндамаларынын тезистеринин болушу менен тастыкталат.<br>Кафедранын окутуучулары илимий-изилдөө долбоорлоруна активдүү катышышат. 2016–2017-окуу жылында «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептери үчүн электрондук инновациялык окутуу технологияларын долбоорлоо» аттуу долбоор Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 483 000 сом өлчөмүндө жактырылган. Бул долбоор 2019–2020-жылдары 500 000 сом көлөмүндө улантылган.<br>Жогоруда көрсөтүлгөн документтер НМУнун кызматкерлеринин социалдык корголушуна кепилдик берет. ППСтин макалалары ата мекендик жана чет элдик илимий басылмаларда жарыяланат. ППСтин илимий басылмаларынын көрсөткүчү жыл сайын өсүүдө. Университеттин расмий сайтында "Педагогика" ББПнын барагында ППСтин ар бир мүчөсүнүн илимметрикалык базалардагы профилдери көрсөтүлгөн.<br>НМУнун Өнүгүү стратегиясына жана НМУнун милдеттерине ылайык SCOPUS, Web of Science илимий маалымат агрегаторлору тарабынан индекстелген басылмаларга, ошондой эле Хирш индексине ээ болууга умтулат.<br>Профессорлордун жана докторанттардын академиялык мобилдүүлүгүнүн кириш жана чыгыш программалары менен иштейт.<br>Практикалык мугалимдерди тандоодо ушул мезгилге чейин жакшы окутуу методикасы боюнча жакшы көрсөткүч берген мугалим жалпы билим берүү мекемесинини окуу-иштери боюнча директордун сунуштамасы менен тандалды. Анда биз 12 жылдык билим берүүгө сабак берген мугалимдерди сунуштоосун өтүндүк. Мисалы ПиМНО-22 группасынын студенттери 12 жылдык билим берүүнүн 1-жана 2-классына практикага барып жатышат.<br>Практик мугалимдерди тартуу менен студенттер теорияны практика менен айкалыштырууга жана балдардын жаш өзгөчөлүгүндөгү бир кыйла айырма бар экендигин, анализдеп, өз тажрыйбалары менен талдап жатышат.<br>Окутуунун инновациялык ыкмаларын, алдыңкы технологияларды колдонуу боюнча ППСтин иштеп чыккан китептерин колдонуу активдүү түрдө жүргүзүлөт.<br>Жогорку окуу жайдын жетекчилиги жаш мугалимдерге ар түрдүү семинарларды уюштуруу менен билимин өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүп берет. НМУда **Насаатчылык кеңеш** иш жүргүзөт. | Тиркеме 4.2.13. НАСААТЧЫЛЫК" ЖАНА ПЕДАГОГДОРДУ МЕТОДИКАЛЫК ЖАКТАН КОЛДОО ПРОГРАММАСЫ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Ошондой эле 2024-2025 жылы атайын окутуучулук курам үчүн англис тилиндеги курстарды уюштуруп, университет тарабынан АГАхан университетинен 50 мугалимге акы төлөп окутуп берди.<br>Убак-убагы менен мугалимдер курстардан өтүп, башка университетттерге барып конференцияга катышып, мастер класстарды өткөрүп, активдүү иш аракеттерди жүргүзүшөт. Ал рейтингде жыл аягында упай менен бааланат.<br>Жаш окумуштуулар кеңеши (ЖОК) түзүлгөн анын милдеттери, жаш окутуучулардын илимий-усулдук жана педагогикалык оң тажрыйбасын жалпылаштырат, аны окуу процессине жана өндүрүшкө киргизүү боюнча демилгелер менен чыгат. ЖОК жаш окумуштуулар менен окутуучулардын илимий макалаларын, баяндамаларын, билдирүүлөрүн жарыялоого теориялык-методологиялык, усулдук-практикалык колдоо көрсөтөт. ЖОК дисциплина аралык изилдөөлөрдү активдештирүүгө көмөктөшөт, ушул максатта ал республиканын ЖОЖдорунун жана илимий мекемелеринин жаш окумуштуулары менен алакаларды жана өз ара аракеттенүүлөрдү жүзөгө ашырат. | |
| 4.3. | Педагогдор окуу куралдарын, окуу китептерин жана башка методикалык иштеп чыгууларды үзгүлтүксүз чыгарат жана өркүндөтөт. | НМУда окуу китептерин, окуу куралдарын жана методикалык колдонмолорду даярдоо жана басып чыгаруу ички регламенттерге ылайык жүргүзүлөт. Бул процесс кафедралардын демилгеси менен башталып, окуу-методикалык комиссия тарабынан каралып, андан кийин университеттин тиешелүү башкаруу органдары тарабынан бекитилет.<br>Профессордук-окутуучулук курам окуу программаларына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келген окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгууга активдүү катышат.<br>Окуу-методикалык материалдар үзгүлтүксүз негизде жаңыланып турат. Жаңылоо процесси төмөнкү факторлорго таянат:<br>• мамлекеттик билим берүү стандарттарынын өзгөрүшү;<br>• эмгек рыногунун талаптары;<br>• билим берүү программаларынын жаңыланышы;<br>• санариптик жана инновациялык окутуу ыкмаларынын киргизилиши.<br>Жарык көргөн окуу китептери жана методикалык иштелмелер мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана эмгек рыногунун талаптарына толук шайкеш келет. Алар окутуунун заманбап методдорун, практикалык багыттуулукту жана санариптик технологияларды камтыйт. | Тиркеме 4.3.1. План (анализ выполнения плана издания за последние 5 лет) и перечень изданных пособий, учебно-методических материалов 2024-2026<br><br>Тиркеме 4.3.2. Протоколы заседания учебно-методического совета |

| | | | |
|---|---|---|---|
